Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

2012-жыл

2013-жылдын май айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

Төрага: Абдыбалы тегин С.
Кеңештин мүчөлөрү: С. Урустемов,
Г. Исакова.

Жооптуу катчы: М.Абдырахманов.

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

"Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми" Кыргыз Респубпликасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдык негизи болуп, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 29-июлундагы N59 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-ноябрындагы "Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө" токтому саналат. Басылмада тышкы секторду өнүктүрүүдөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтарды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн маалыматтык базасын камтыйт. Басылма жылына 4 жолу - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

Эсепке алуу методологиясынын такташтырылышына байланыштуу 2008-жылдан берки портфелдик инвестициялар жана ал боюнча кирешелерге тиешелүү маалыматтар бул басылмада кайрадан каралып чыккан. Ошондой эле, статистикалык камтуу чөйрөсүнүн өркүндөтүлүшүнө байланыштуу күндөлүк жана капиталдык трансферттер боюнча маалыматтар толукталган. УСК тарабынан маалыматтардын кайра каралып чыгышынан улам, кызмат көрсөтүүлөрдүн "кыдыруулар" бөлүгү боюнча маалыматтар өзгөртүлгөн. Эл аралык инвестициялык позицияга Кыргыз Республикасынын Centerra Gold Inc компаниясындагы активдерин эсепке алуу жагында толуктоолор киргизилген. Кызмат көрсөтүүлөр, чет өлкө инвестициялары, тике, портфелдик жана башка инвестициялар боюнча маалыматтар алдын-ала алынган маалыматтар болуп саналат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2013-жылдын 20-майы**

### **Шарттуу белгилер**:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;

\- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Сандарды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.
Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: mabdyrahmanov@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөрүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

ЖЧК "Издательство "Позитив" полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 147
Тел.: (+996 312) 47 79 38
e-mail: ph-positive@mail.ru.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***
Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Бул басылмада финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун абалы, ошондой эле анын курамдык элементтери боюнча банк тутумунун туруктуулугуна жүргүзүлгөн иликтөөлөр сунушталат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйруусу менен бекитилген, Улуттук банктын тизмесине ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АКЖО | Акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ | Атайын карыз алуунун укуктары |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БК | Баалуу кагаздар |
| БФКМ | Банктык эмес Финансы-кредит мекемелери |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ЖТК | Жалпы тышкы карыз |
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| КБ | Коммерциялык банктар |
| КМШ | Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине кирген өлкөлөр |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| МИП | Мамлекеттик инвестиция программасы |
| ЖМК | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| МТК | Мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ОПЕК | Мунай Экспортточу өлкөлөрдүн Бирикмеси |
| ПРГФ | Жакырчылыкты азайтуу жана экономикалык өсүштү туруктуу абалга келтирүү механизми |
| РЭАК | Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | Импортер-өлкөнүн чек арасындагы баа |
| ТБЭС | Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы |
| ТИМ | Тышкы иштер министрлиги |
| ТКМ | Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УСК | Улуттук Статистика комитети |
| ФМ | Финансы министрлиги |
| ФОБ | Экспортер-өлкөнүн чек арасындагы баа |
| ЭВФ | Эл аралык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | Эл аралык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин күндөлүк абалы** ..... 7
**Кыргыз Республикасынын тышкы карызы** ..... 32
**Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы** ..... 38
**I тиркеме: Таблицалар жана графиктер** ..... 41
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө)..... 42
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ..... 50
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ..... 50
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ..... 51
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ..... 51
I.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү ..... 52
I.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү ..... 52
I.8-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү ..... 53
I.9-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү ..... 53
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ..... 54
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ..... 56
I.12-таблица. Баанын индекси жана экспорттун физикалык көлөмү ..... 58
I.13-таблица. Баанын индекси жана импорттун физикалык көлөмү ..... 59
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ..... 60
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ..... 60
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ..... 61
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ..... 62
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ..... 63
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ..... 64
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ..... 65
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ..... 66
I.21-таблица. БАЭна товарлардын экспорту ..... 67
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ..... 68
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ..... 69
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ..... 69
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ..... 70
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ..... 71
I.26-таблица. Украинадан товарлардын импорту ..... 72
I.27-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ..... 73
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ..... 74
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ..... 75
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ..... 76
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ..... 77
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ..... 78
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ..... 79
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ..... 80
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ..... 81
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ..... 82
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ..... 84
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ..... 85
I.38-таблица. Эл аралык камдар ..... 85
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин 2008-жылдан 2013-жылдын 1-январына карата абал боюнча динамикасы ..... 86
**II тиркеме: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү ыкмасы** ..... 87
**III тиркеме: Төлөм теңдеминин «Кыдыруулар» статьясына баа берүүнүн ыкмасы** ..... 95
**IV тиркеме: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы** ..... 96
**V тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы** ..... 100
**VI тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерди эсептөө ыкмасы** ..... 103
**VII тиркеме: Эл аралык инвестициялык позицияларды түзүү ыкмасы** ..... 105
**VIII тиркеме: Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрациялануусун эсептөө ыкмасы** ..... 107

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН КҮНДӨЛҮК АБАЛЫ

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 188,7 млн. АКШ долларында оң түптөлгөн.

**1-график: Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайызда*




Отчеттук мезгил ичинде товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүүгө ык койгон терс балансы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын 1 430,6 млн. АКШ долларына (22,1 ИДӨгө карата пайыз) чейин көбөйүүсүнө алып келген. Күндөлүк эсептин терс сальдосу капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби боюнча капиталдын 1 138,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө агылып кирүүсү менен каржыланган.

Улуттук банктын баа берүүлөрү боюнча күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен мунайзаттарынын реэкспорту боюнча (23-беттеги №2 кыстырманы карагыла) 1 137,8 млн. АКШ долларын (ИДӨгө карата 17,6 пайыз) түзгөн.

**N1 кыстырма**

**Күндөлүк операциялар эсеби, жыйымдар жана инвестициялар.**

Төлөм теңдеми жана эл аралык инвестициялык позиция, өлкөнүн тышкы экономикалык ишкердигинин эсептеринде камтылат. Өлкөнүн эл аралык операцияларды жана калдыктарды эсепке алуу маанилүүлүгү анын ички экономикага таасири менен шартталган, анткени ал тышкы экономикалык ишкердиктин эсептерин, эң башкысы, ички секторлор менен тышкы дүйнө ортосунда өз ара байланышты чагылдырат. Мына ушундай принципиалдуу өз ара байланыштардын бири - күндөлүк эсеп сальдосунун өлкө жыйымдары жана инвестициялары менен өз ара байланышы, ал төмөнкү теңдеме түрүндө туюндурулат:

**CA = S-I**

*CA - күндөлүк эсеп сальдосу*

*S - жыйымдар*

*I - инвестициялар (капиталдын дүң топтому).*

Мындай окшоштук, өлкөнүн күндөлүк операциялар эсебинин сальдосундагы кандай болбосун өзгөрүү, инвестициялар боюнча жыйымдардын көбөйүшүнө сөзсүз шайкеш келээрин көрсөтүп турат (РПБ 6, 14-гл.).

Эгерде жеке жана мамлекеттик секторду өз-өзүнчө бөлүштүрүп карасак, күндөлүк эсеп абалынын жыйымдар жана инвестициялар менен өз ара байланышын мындан да кылдат кароого алууга болот.

Кайсыл болбосун өлкөнүн жыйымдары жана инвестициялары жеке жана мамлекеттик жыйымдар менен инвестициялардан турат:

S = Sp+ Sg

I = Ip+Ig

Ошентип, төмөнкүдөй окшоштукту байкоого болот:

**CA = (Sp-Ip)+(Sg-Ig)**

*Мында (Sg-Ig) - мамлекеттик бюджет сальдосу.*

Кыргыз Республикасында акыркы 5 жыл ичинде төлөм теңдеминин күндөлүк эсебинин терс сальдосу мамлекеттик бюджет тартыштыгы менен коштолуп келгендиги байкалууда (мындайча айткanda, "кош тартыштык" - "twin deficits"). Мында, күндөлүк операциялар эсебинин туруктуу тартыштыгы мамлекеттик чыгашалардын түшүүлөрдөн артышынын натыйжасы экендигинин тастыктоосу болушу мүмкүн, ушундан улам катуулатылган фискалдык саясатты жүргүзүү максатка ылайыктуу болмок.

**1-график: 2007-2012-ж.ж. күндөлүк операциялар эсебинин жана мамлекеттик бюджеттин сальдосу**

*(ИДӨгө пайыздарда)*




Бирок, мында белгилей кетүүчү нерсе, көрсөтүлгөн теңдештик күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы менен мамлекеттик бюджет тартыштыгы ортосундагы себептик-байланышты чагылдырбайт, анткени мында жеке жыйымдар жана инвестициялар динамикасын да милдеттүү түрдө эске алуу зарыл. (Sp-Ip).

Инвестициялар деңгээлинин жеке жыйымдардан туруктуу жогорулоосу Кыргыз Республикасы үчүн мүнөздүү (терс ажырым). Жеке жыйымдардын деңгээли 2008-жылдан тартып туруктуу болгон (ИДӨгө карата 24,0-27,0 пайыз чегинде). Ал эми жеке сектордун жыйымдары үчүн жогорку волатилдүүлүк мүнөздүү, мында 2009-жылдан бери алардын көлөмүнүн туруктуу төмөндөө тенденциясы байкалууда.

**1-таблица. Күндөлүк операциялар эсеби, мамлекеттик бюджет, жыйымдар жана инвестициялар**

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*

| | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Күндөлүк эсептин сальдосу ИДӨгө карата | -5,9 | -13,8 | -2,2 | -7,3 | -8,5 | -20,7 |
| Мамлекеттик бюджеттин сальдосу ИДӨгө карата | 0,1 | 0,8 | -1,5 | -4,9 | -4,8 | -6,6 |
| Жеке жыйымдар ИДӨгө карата | 18,2 | 13,9 | 25,2 | 21,6 | 20,7 | 14,8 * |
| Жеке инвестициялар ИДӨгө карата | 24,7 | 26,1 | 24,7 | 26,8 | 24,7 | 27,3 * |

Булагы: Мамлекеттик бюджет, жыйымдар жана инвестициялар УСКнын маалыматтарынын негизинде, Улуттук банктын маалыматтары

* Улуттук банктын эсепбинин негизинде

Улуттук банктын эсептөөлөрү боюнча 2012-жылы, фискалдык тартыштыктын бир эле учурда өсүшүнүн алкагында мамлекеттик эмес сектордун инвестицияларынын 2,6 пайыздык пунктка көбөйүүсү менен катар эле, жеке жыйымдар деңгээлинин ИДӨгө карата 5.9 пайыздык

пунктка кыскаруусу, өлкөнүн күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгын кескин түрдө жогорулатышы мүмкүн эле.

Ички жыйымдардын жетишсиздиги өз кезегинде, тышкы каржылоо булактарын издөө зарылчылыгына алып келет. Кыска мөөнөттүү планда күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын орун алышы негизинен, экономика үчүн олуттуу кесепеттерди жаратпашы да ыктымал. Бирок, бул факттын бир топ жылдар ичинде сакталып калышы, биздин өлкөнүн коңшу өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсүнөн кыйла артта калышына, демек, башкалардан кыйла көз карандылыкка алып келет. Өлкөнүн күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосун кыскартуу үчүн ички өндүрүштүн атаандашуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча комплекстүү иш-чараларды көрүү зарыл.

## СООДА БАЛАНСЫ[1]

**2-график: КР соода балансы**
*ИДӨгө карата пайызда*




**Кыргыз Республикасынын соода балансы** мурдагыдай эле, терс сальдодо түптөлгөн жана 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 3 045,9 млн. АКШ доллары чегинде катталган, бул 2011-жылдагыга караганда 82,5 пайызга көп жана 2008-жылы белгиленген тартыштыктын буга чейинки максималдуу көрсөткүчүнөн 62,1 пайызга жогору.

Төмөнкү факторлор соода балансынын абалынын начарлоосуна негизги себептерден болуп калышкан:

а) алтындын экспортунун көлөмүнүн төмөндөөсү;

б) машиналардын жана транспорт жабдууларынын импорт көлөмүнүн өсүшү.

Тышкы сооданын товардык концентрациялануусу отчеттук жылы олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Алтынды ташып чыгуунун көлөмүнүн төмөндөөсү экспорттун товардык диверсификациясынын салыштырмалуу көбөйүүсүн алдын-ала аныктаган. Импорттун товардык ассортименти туруктуу бойдон калат.

**1-таблица. Тышкы сооданын товардык концентрациясы***
*(пайыздарда)*

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| Товарлардын экспорту | 33,1 | 42,4 | 46,6 | 51,4 | 35,0 |
| Товарлардын импорту | 18,6 | 15,1 | 14,4 | 14,1 | 14,3 |

* УСКнын маалымат базасында Улуттук банктын эсептөөлөрү, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда.

**ФОБ баасында тышкы соода жүгүртүү** 2011-жылдагыга салыштырганда 12,1 пайызга көбөйгөн жана нарктык маанисинде 6 887,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Экономиканын ачык-айкындуулугунун өлкөнүн товар жүгүртүүсүнүн ИДӨгө карата катышы катары эсептелген

[1] 2008-жылы соода балансы боюнча маалыматтар графиктерде жана таблицаларда "алып сатарлардын" соодасын эске алуу менен көрсөтүлгөн.

көрсөткүчү 2011-жылдагы көрсөткүчкө карата 2,1 пайыздык пунктка көбөйгөн жана 106,5 пайызды түзгөн. Өзгөрүү бир эле учурда экспорттун ИДӨгө карата үлүшүнүн 8,4 пайыздык пунктка төмөндөөсүндө импорттун ИДӨгө карата катышынын 10,6 пайыздык пунктка көбөйүүсүнөн улам келип чыккан.

ФОБ баасында **товарлардын экспорту** (23-беттеги кошумча баа берүүлөр боюнча №2 кыстырманы карагыла) акыркы 5 жыл ичинде салыштыруу үчүн алынган маалыматтардын катарында тарыхий максимумга жетишилген, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 15,3 пайызга кыскаруу менен 1 920,6 млн. АКШ доллар көлөмүндө (ИДӨгө карата 29,7 пайыз) түптөлгөн. Кошумча баа берүүсүз товарлардын экспорту ФОБ баасында 1 683,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту***

*(млн. АКШ долларында)*

| Аталыш | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | экспортко пайыз-дарда | алтынды эске албаганда экспортко пайыздарда |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1 617,6** | **1 443,5** | **1 488,4** | **1 978,9** | **1 683,2** | **100,0** | - |
| Алтын | 463,5 | 529,5 | 668,3 | 1 006,2 | 562,3 | 33,4 | - |
| Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар | 98,6 | 73,1 | 125,6 | 143,4 | 156,8 | 9,3 | 14,0 |
| Жашылчалар | 42,9 | 44,9 | 66,5 | 95,1 | 88,2 | 5,2 | 7,9 |
| Авиакеросин[1] | 213,1 | 156,7 | 48,3 | 70,3 | 86,0 | 5,1 | 7,7 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | 5,3 | 11,8 | 5,4 | 22,3 | 80,3 | 4,8 | 7,2 |
| Электр тогу | 25,1 | 39,3 | 48,4 | 80,4 | 56,4 | 3,4 | 5,0 |
| Баалуу металл кени жана алардын концентраттары | 3,5 | 2,5 | 0,9 | 17,8 | 56,0 | 3,3 | 5,0 |
| Мөмө-жемиштер, жаңгактар, жаңы жыйналып алынгандары жана кургатылгандар | 47,1 | 30,1 | 33,0 | 39,2 | 55,5 | 3,3 | 4,9 |
| Башка органикалык эмес заттар | 110,4 | 250,4 | 157,2 | 27,6 | 36,4 | 2,2 | 3,3 |
| Пахта | 23,8 | 21,6 | 27,8 | 31,0 | 33,9 | 2,0 | 3,0 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | 21,6 | 16,3 | 23,6 | 23,4 | 21,0 | 1,2 | 1,9 |
| Башка товарлар | 562,7 | 267,4 | 283,3 | 422,2 | 450,3 | 26,8 | 40,2 |
| **Алтынды эске албаганда, бардыгы болуп экспорт** | **1 154,1** | **914,1** | **820,1** | **972,7** | **1 120,9** | — | **100,0** |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

[1] Борт запастарды чыгаруу

Отчеттук мезгил ичинде ташылып чыгарылган товарлардын жалпы көлөмүнүн 33,4 пайызын ээлеген алтынды берүүлөрдүн (44,1 пайызга) төмөндөөсү экспорттун кыскаруусунун башкы фактору болуп калган. "Кумтөр" кен казып алуу ишканаларында алтынды өндүрүүнүн техникалык үзгүлтүктөрдөн (муздун жана карьердин түштүк-чыгыш жагында металл аралашпаган кендин жылышынын тездешинен) улам 45,9 пайызга[2] кыскаруусу төмөндөөнүн түптөлүшүнө себеп болгон. Мында, экспорттун нарктык көлөмүнүн кыскаруу тенденциясы отчеттук жылы алтынга карата дүйнөлүк баанын[3] алгылыктуу динамикасынан улам текшиленген.

[2] http://www.kumtor.kg/ru/itogi_2012/

[3] 2012 -жылы алтындын 1 трой унциясы үчүн орточо дүйнөлүк баа 1668,9 АКШ долларын түзгөн, бул 2011-жылдагы баанын деңгээлинен 6,0 пайызга жогору; булагы: Reuters.

**Алтынды эске албаганда экспорт**, 1 120,9 млн. АКШ долларында түптөлгөн[4], бул 2011-жылдагы көрсөткүчтөн 15,2 пайызга көп, бирок, 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча жетишилген салыштыруу үчүн алынган маалыматтардын катарындагы максимум көрсөткүчтөн 2,9 пайызга төмөн. Отчеттук мезгил ичинде алтынды эске албаганда, экспорттун нарктык көлөмүнүн өсүшүнүн басымдуу бөлүгү, алтынды эске албаганда экспорттун жарымынан көбүрөөгү туура келген, он ири товарлардын баасынын сыяктуу эле, физикалык көлөмүнүн да көбөйүүсүнүн эсебинен алынган (2-таблицаны карагыла).

Өлкөнүн экспортунун олуттуу бөлүгүн **иштеп чыгуу өнөр жайы** (металлургия, текстиль жана тигүү өндүрүшү, электротехникалык жабдуулар өндүрүшү), айыл чарбасы жана электрэнергиясын өндүрүү түзөт.

**Металлургия өндүрүшүнүн** көлөмүнүн 44,0 пайызга[5] кыскаруусу алтындын экспортунун азаюусуна таасирин тийгизген. Акыркы 5 жылдын тиешелүү мезгили ичинде алтынды берүүнүн жогорку чеги (1 006,2 млн. АКШ доллары) 2011-жылга туура келген, анын алкагында нарктык мааниде берүүлөрдүн көлөмүнүн 562,3 млн. АКШ долларына чейин түшүүсү, отчеттук мезгил ичинде маанилүү болгон. Көрсөтүлгөн продукциянын экпортунун физикалык көлөмү 48,6 пайызга кыскарган, ал эми орточо экспорттук баа 8,7 пайызга өскөн.

**3-таблица: Металлургия өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Алтын | *т* | 17,6 | 16,3 | 17,1 | 20,2 | 10,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 463,5 | 529,5 | 668,3 | 1 006,2 | 562,3 |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 11,0 | 3,0 | 17,0 | 26,4 | 28,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 2,8 | 1,1 | 5,5 | 17,9 | 26,3 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | *миң т* | 10,4 | 4,7 | 8,6 | 9,6 | 11,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 15,7 | 1,7 | 3,9 | 8,6 | 12,1 |
| Ар түрдүү баалуулукка жатпаган металлдар | *миң т* | 0,3 | 0,9 | 0,8 | 0,7 | 1,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,5 | 4,7 | 6,8 | 9,2 | 10,7 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | *миң т* | 115,5 | 56,6 | 103,8 | 145,4 | 90,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 10,2 | 3,1 | 6,3 | 12,4 | 7,8 |
| Баалуу металлдан жасалган зер буюмдар жана алардын тетиктери | *т* | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 16,7 | 1,9 | 0,5 | 3,2 | 3,3 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

Отчеттук мезгил ичинде металл сыныктарын жана кара металл калдыктарын эске албаганда, экспортко багытталуучу металлургия өндүрүшүнүн калган продукциясы боюнча берүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшү байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өндүрүштүн[6] жана текстиль жана тигүү тармагындагы продукциянын айрым түрлөрүнүн экспортунун көлөмүнүн өсүшү байкалган. Көбүнчө, текстиль кездемелеринен аялдар жана кыздар үчүн тигилген буюмдардын экспортунун көлөмү 14,0 пайызга (11,8 млн. АКШ долларына), кийим-кечеге тиешелүүлөрдүн -59,4 пайызга (7,7 млн. АКШ долларына), эркектер жана балдар үчүн трикотаждан тигилген буюмдар - 2,2 эсеге (2,5 млн. АКШ долларына),

[4] ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүсүз; 2012 -жыл ичинде алтынды эске албаганда экспорт Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрү менен 1 427,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

[5] "Кыргыз Республикасынын Социалдык-экономикалык абалы ( 2012-жылдын январь-декабрь айлары)", УСК.

[6] УСКнын маалыматтары боюнча, 2012-жылдын январь-декабрь айларында текстиль жана тигүү өндүрүшүндө өндүрүштүн көлөмү 12,5 пайызга өскөн.

кийим-кече буюмдары 69,7 пайызга ( 2,3 млн. АКШ долларына) көбөйгөн. Бул тармакта экспорттун олуттуу түшүүсү "аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган буюмдар" статьясы боюнча байкалган, анын көлөмү 42,1 пайызга (8,4 млн. АКШ долларына) төмөндөгөн.

**4-таблица: Тигүү өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар баардыгы болуп** | *млн. АКШ долл.* | **98,6** | **73,1** | **125,6** | **143,4** | **156,8** |
| Аялдар жана кыздар үчүн текстиль кездемелеринен тигилген кийим-кечелер | *млн. даана* | 36,1 | 31,6 | 43,4 | 42,4 | 60,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 80,9 | 57,2 | 82,0 | 84,2 | 96,0 |
| Трикотаж же трикотаж эмес, токулган же токулбаган кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | — | - | - | - | - | - |
| | | 3,6 | 4,7 | 10,8 | 13,0 | 20,8 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн текстиль материалдарынан тигилген кийим-кечелер | *млн. даана* | 4,1 | 4,1 | 7,2 | 7,5 | 10,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 11,1 | 6,6 | 13,7 | 19,2 | 17,6 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | *млн. даана* | 0,4 | 1,6 | 10,8 | 13,8 | 8,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,9 | 2,3 | 13,1 | 20,0 | 11,6 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же трикотаж эмес кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | — | - | - | - | - | - |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,5 | 1,4 | 3,0 | 3,3 | 5,7 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | *млн. даана* | 0,1 | 0,4 | 2,9 | 3,4 | 8,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,2 | 0,3 | 2,3 | 2,0 | 4,4 |
| Башка кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар | — | - | - | - | - | - |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,4 | 0,6 | 0,7 | 1,5 | 0,7 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

Мунун натыйжасында, "кийим-кече жана ага тиешелүүлөр" тобу боюнча өсүш арым алгылыктуу (өсүш 9,4 пайызды түзгөн) чекте сакталган, бирок акыркы үч жыл ичиндеги тиешелүү мезгилдерге салыштырганда басаңдаган (өсүш 2010-жылы 71,8 пайыз жана 2011-жылы 14,1 пайыз чегинде түптөлгөн). Отчеттук мезгил ичинде экспорттук орточо баалар тигүү буюмдарынын дээрлик бардык түрлөрү боюнча төмөндөгөндүгүн белгилей кетүүбүз зарыл.

Кароого алынып жаткан мезгилдин биринчи жарымында аба-ырайы шарттарынын алгылыксыз болгондугуна карабастан, 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча **айыл-чарба продукциясынын** реалдуу өсүшү 1,2 пайызды[7] түзгөн. Отчеттук мезгилде 2011-жылга салыштырганда экспортко багытталуучу айыл-чарба продукциясынын олуттуу бөлүгүн берүү боюнча өсүш байкалган, бул физикалык көлөмдүн сыяктуу эле, экспорттук орточо баанын көбөйүүсүнүн натыйжасында жүргөн. Алсак, жемиштер жана жаңгактар 41,5 пайызга (же 16,3 млн. АКШ долларына), эт жана эт азыктары - 2,4 эсеге ( 3,5 млн. долларга), пахта - 9,2 пайызга (2,9 млн. АКШ долларына), ири мүйүздүү мал терилери жана булгаарыдан жасалган буюмдар- 29,3 пайызга (1,1 млн. АКШ долларына) өскөн. Мында, жашылчаларды ташып чыгаруунун көлөмүнүн 7,2 пайызга (6,9 млн. АКШ долларына), сүт жана сүт азыктарыныкы 10,2 пайызга ( 2,4 млн. АКШ долларына) жана тамекиники 8,9 пайызга (1,2 млн. АКШ долларына) кыскаруусу байкалган.

[7] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2012-жылдын январь-декабрь айлары)", УСК.

**5-таблица: Айыл чарбасынын негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар | *миң т* | 114,2 | 124,3 | 276,3 | 299,5 | 227,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 42,9 | 44,9 | 66,5 | 95,1 | 88,2 |
| Мөмө-жемиштер, жаңгактар | *миң т* | 127,5 | 100,8 | 93,8 | 83,9 | 89,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 47,1 | 30,1 | 33,0 | 39,2 | 55,5 |
| Пахта | *миң т* | 23,7 | 22,1 | 19,8 | 21,2 | 26,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 23,8 | 21,6 | 27,8 | 31,0 | 33,9 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 28,6 | 23,4 | 31,7 | 24,6 | 25,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 21,6 | 16,3 | 23,6 | 23,4 | 21,0 |
| Даяр эмес тамеки; тамеки калдыктары | *миң даана* | 6,4 | 4,9 | 6,8 | 4,4 | 3,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 14,9 | 14,2 | 21,1 | 13,1 | 12,0 |
| Тирүү малдар | *миң т* | 17,5 | 37,3 | 24,9 | 41,4 | 27,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 5,2 | 4,6 | 3,5 | 7,7 | 8,2 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 0,1 | 0,5 | 1,1 | 0,3 | 0,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,1 | 1,3 | 6,2 | 2,6 | 6,1 |
| Ири мүйүздүү мал терилери жана иштетилбеген булгаары | *млн. т* | 1,3 | 0,3 | 0,3 | 1,2 | 1,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 9,7 | 1,3 | 0,8 | 3,6 | 4,7 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

Өтүп жаткан жылы экспорттун 14,6 пайызын катталган **реэкспорт**[8] **түздү**, ал ар түрдүү машиналардан, аларга тиешелүү жабдуулардан жана тетиктерден, башка органикалык эмес заттардан, керектөө товарларынан жана башка заттардан турат.

**6-таблица: Товарлардын негизги түрлөрүнүн реэкспорту***
*(млн. АКШ долл.)*

| Аталышы | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Реэкспорт, баардыгы болуп** | 422,5 | 349,8 | 190,7 | 139,6 | 245,4 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | 1,0 | 10,6 | 4,9 | 21,1 | 79,4 |
| Башка органикалык эмес химиялык заттар | 72,5 | 137,7 | 128,2 | 25,4 | 36,4 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | 0,2 | 4,0 | 7,5 | 17,9 | 24,5 |
| Чоюн жана болот | 0,2 | 0,0 | 0,1 | 10,2 | 18,3 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 4,7 | 6,9 | 0,7 | 10,2 | 11,2 |
| Учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар | 0,6 | 2,9 | 1,7 | 2,7 | 7,6 |
| Кол жана машина менен иштетүүчү инструменттер | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 9,3 | 6,6 |
| Жер семирткичтер | 0,3 | 0,0 | 0,1 | 4,0 | 5,2 |
| Жеңил автоунаалар жана жүк ташууга багытталган транспорт каражаттары | 0,7 | 0,3 | 1,1 | 4,9 | 4,5 |
| Бульдозерлер, грейдерлер жана өзү жүрүүчү тегиздегичтер | 0,0 | 0,2 | 0,1 | 0,0 | 3,4 |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | 2,7 | 2,1 | 2,0 | 3,4 | 3,4 |
| Жылуулук алмаштыргычтар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 3,1 |
| Башка товарлар | 339,7 | 185,0 | 44,3 | 30,3 | 41,6 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

[8] Реэкспорт - бул, буга чейин киргизилген чет өлкө товарларын алардын баштапкы импорттолгон абалына салыштырганда кандайдыр бир олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизбестен, өлкөдөн алып чыгуу.

Экспорттун **географиялык түзүмүндө** отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча олуттуу деле өзгөрүүлөр болгон эмес. Республиканын чегинен тышкары ташылып кетүүчү товарлардын динамикасынын өзгөрүүсү экспорттун географиялык концентрациясынын, негизинен, алыскы чет өлкөлөрдүн эсебинен 5,5 пайыздык пунктка төмөндөгөндүгүн аныктаган.

**7-таблица. Экспорттун географиялык концентрациясы***

*(пайыздарда)*

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 39,1 | 39,8 | 40,1 | 49,9 | 44,4 |
| КМШ | 55,6 | 55,0 | 61,6 | 56,4 | 56,7 |
| Алыскы чет өлкө | 55,0 | 54,0 | 51,9 | 72,8 | 69,3 |

* Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске алуусуз.

Алтындын экспортунун көлөмүнүн төмөндөөсүнө карабастан, Швейцария экспорттун 49,8 пайызын ээлөө менен өлкөнүн негизги соода өнөктөшү болуп калат. Жана башка органикалык эмес химиялык заттарды ташып чыгаруунун өсүшү Казакстандын салыштырма салмагынын 20,2 пайыздан 36,8 пайызга чейин көбөйүүсүнө таасирин тийгизген. Товарлардын Россияга экспортунун нарктык көлөмүнүн 23,0 пайызга азаюусуна карабастан, анын салыштырма салмагы экинчи жыл катары менен 19,9 пайыз деңгээлинде калууда. Жалпысынан, отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасы дүйнөнүн 86 өлкөсүнө товарларды (2008-жылы - 67 өлкөгө) экспорттогон.

Ташылып чыгарылуучу товарлардын гегорафиялык бөлүштүрүлүшү алтынды эске албаганда, КМШ өлкөлөрү жергиликтүү товарларды өндүрүүнүн негизги рыноктору болуп саналаарын тастыктап турат. Жогорку деңгээлдеги географиялык концентрация дээрлик бардык товарлар жана товарлар тобу боюнча, эң оболу, алтын, жүк ташуу үчүн автоунаалар, жана башка органикалык эмес заттар жана сүт азыктары боюнча байкалууда, булардын 95,0 пайыздан көбүрөөгүнүн берүүлөрү бир өлкөгө жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын экспортунун айрым өлкөлөрдүн экономикасынын жана соода саясатынын абалына көз карандылыгы мына ушунун натыйжасы болушу мүмкүн.

**8-таблица: Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү***
*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | Мамлекеттер | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | бардыгы болуп пайыз-дарда |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алтын** | **Бардыгы болуп** | **463,5** | **529,5** | **668,3** | **1 006,2** | **562,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Швейцария | 436,5 | 443,0 | 386,3 | 867,5 | 544,7 | 96,9 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **98,6** | **73,1** | **125,6** | **143,4** | **156,8** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,2 | 0,4 | 0,3 | 6,8 | 81,2 | 51,8 |
| | Россия | 97,5 | 71,4 | 124,0 | 135,6 | 75,3 | 48,0 |
| **Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар** | **Бардыгы болуп** | **42,9** | **44,9** | **66,5** | **95,1** | **88,2** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,3 | 0,4 | 16,5 | 33,7 | 36,1 | 40,9 |
| | Түркия | 17,5 | 21,0 | 21,2 | 34,1 | 26,3 | 29,8 |
| | Болгария | 3,1 | 3,4 | 5,0 | 6,2 | 7,6 | 8,6 |
| | Россия | 16,3 | 15,1 | 17,2 | 13,5 | 7,1 | 8,0 |
| **Авиакеросин** | **Бардыгы болуп** | **213,1** | **156,7** | **48,3** | **70,3** | **86,0** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 27,1 | 13,6 | 18,7 | 32,1 | 41,8 | 48,7 |
| | Түркия | 16,9 | 9,3 | 8,3 | 12,2 | 12,9 | 15,0 |
| | Кытай | 3,2 | 1,6 | 1,8 | 4,1 | 7,4 | 8,6 |
| | БАЭ | 19,1 | 10,0 | 13,3 | 7,2 | 6,8 | 7,9 |
| **Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **5,3** | **11,8** | **5,4** | **22,3** | **80,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Өзбекстан | 0,9 | 9,3 | 3,4 | 20,8 | 78,3 | 97,4 |
| **Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары; калдыктары** | **Бардыгы болуп** | **3,5** | **2,5** | **0,9** | **17,8** | **56,0** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Кытай | — | 0,1 | 0,6 | 9,3 | 30,2 | 53,8 |
| | Казакстан | — | — | — | 7,7 | 25,2 | 45,0 |
| **Мөмө-жемиштер, жаңгактар, жаңы жыйналып алынгандары жана кургатылгандар** | **Бардыгы болуп** | **47,1** | **30,1** | **33,0** | **39,2** | **55,5** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,2 | 0,2 | 8,6 | 25,4 | 44,5 | 80,3 |
| | Россия | 35,8 | 23,4 | 19,0 | 6,3 | 3,1 | 5,6 |
| | Ирак | 0,6 | 1,1 | 0,8 | 0,4 | 2,1 | 3,9 |
| | Түркия | 5,7 | 2,0 | 0,5 | 1,0 | 2,1 | 3,8 |
| **Башка органикалык эмес заттар** | **Бардыгы болуп** | **110,4** | **250,4** | **157,2** | **27,6** | **36,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | — | 17,8 | 10,1 | 27,6 | 36,4 | 100,0 |
| **Пахта** | **Бардыгы болуп** | **23,8** | **21,6** | **27,8** | **31,0** | **33,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 19,1 | 16,5 | 19,9 | 27,4 | 27,2 | 80,1 |
| | Түркия | 2,2 | 2,7 | 4,9 | 1,4 | 4,9 | 14,4 |
| **Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **21,6** | **16,3** | **23,6** | **23,4** | **21,0** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 21,3 | 15,8 | 22,4 | 22,6 | 20,9 | 99,9 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

ФОБ баасында **товарлардын импорту** 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 26,2 пайызга өскөн жана максималдуу тарыхий мааниге жетүү менен 4 966,5 млн. АКШ долларын (ИДӨгө карата 76,8 пайыз) түзгөн.

**9-таблица: ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү***

*(салыштырма салмак, пайыздарда)*

| Бөлүктүн аталышы | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| Машиналар жана транспорттук жабдуулар | 26,6 | 19,9 | 21,5 | 22,7 | 25,1 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана ушундай эле материалдар | 29,4 | 26,4 | 26,5 | 22,8 | 21,7 |
| Материалдын түрү боюнча классификацияланган, өнөр жай товарлары | 12,6 | 15,2 | 14,2 | 15,6 | 16,2 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 9,8 | 12,7 | 12,7 | 12,7 | 11,1 |
| Башка категорияда камтылбаган химиялык заттар жана ушундай эле продукциялар | 8,1 | 11,0 | 10,6 | 11,1 | 10,7 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 7,8 | 9,1 | 8,6 | 9,2 | 9,4 |
| Суусундуктар жана тамеки | 2,3 | 2,6 | 2,7 | 2,5 | 2,3 |
| Отундан тышкары, азык-түлүктөн башка чийки заттар | 2,2 | 1,9 | 1,7 | 2,0 | 2,1 |
| Малдын жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана момдор | 0,9 | 1,2 | 1,5 | 1,4 | 1,1 |
| ЭСТКнын башка катег. кирбеген тов-р жана опер-лар | 0,2 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,3 |

УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

Отчеттук жыл ичинде импорттун **товардык түзүмүндө** машиналар жана транспорт жабдуулары (25,1 пайыз) 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтү 2,4 пайыздык пунктка жогорулатуу менен олуттуу салыштырма салмакты ээлешкен. Бул топ боюнча олуттуу үлүштү мурда колдонууда болгон, жеңил автоунаалар ээлешет, буларды берүүлөрдүн нарктык көлөмү кароого алып жаткан мезгил ичинде 30,5 пайызга (өсүш физикалык көлөмдүн эсебинен жүргөн) өскөн. Бул топтун айрым товарлары кийинки реэкспорт үчүн аз-аздап ташып киргизилет: жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайы багытка каралган автоунаалар, алардын тетиктери жана тиешелүү буюмдары, учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар ж.б.

**10-таблица: "Машиналар жана транспорттук жабдуулар" тобунун негизги товарлары***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **млн. АКШ долл.** | **1 083,6** | **604,4** | **691,9** | **968,5** | **1 351,2** |
| Мурда пайдаланууда болгон жеңил автоунаалар | *миң даана* | 88,9 | 27,9 | 26,7 | 53,7 | 69,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 405,1 | 99,8 | 103,4 | 214,7 | 280,2 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | *миң даана* | 4,1 | 1,9 | 1,7 | 3,4 | 5,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 53,4 | 47,7 | 78,3 | 92,4 | 188,9 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | *млн. даана* | 0,3 | 0,3 | 1,5 | 2,1 | 1,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 65,9 | 30,5 | 51,5 | 100,4 | 66,5 |
| Мурда пайдаланууда болгон жүк ташуучу автоунаалар | *миң даана* | 2,9 | 2,8 | 1,9 | 4,1 | 7,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 20,7 | 12,3 | 16,0 | 27,4 | 54,8 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | *миң даана* | 27,9 | 14,9 | 16,9 | 18,6 | 74,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 44,2 | 36,7 | 32,5 | 33,8 | 51,6 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | *даана* | 328,0 | 276,0 | 154,0 | 227,0 | 448,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 21,5 | 16,1 | 24,2 | 21,1 | 43,8 |
| Жарымтрейлер үчүн жол унаалары | *миң даана* | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 1,1 | 2,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 5,7 | 4,1 | 6,0 | 21,1 | 39,1 |
| Жарандык курулуш үчүн машиналардын жана жабдуулардын башка категорияда камтылбаган тетиктери | *миң даана* | 1,3 | 1,6 | 1,6 | 2,6 | 2,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 17,6 | 20,3 | 18,9 | 34,0 | 36,3 |
| Учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар | — | — | — | — | — | — |
| | *млн. АКШ долл.* | 11,6 | 14,7 | 5,1 | 35,5 | 29,6 |
| Трансформаторлор, электрдик | *миң даана* | 11,2 | 4,2 | 5,6 | 2,7 | 4,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 2,9 | 3,4 | 12,8 | 6,0 | 29,4 |
| Башка товарлар | *млн. АКШ долл.* | 434,9 | 318,9 | 343,2 | 382,0 | 531,1 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

Импорттолуучу товарлардын маанилүүлүгү боюнча экинчи турган тобунун - минерал отунунун үлүшү мунай заттарын берүүлөрдүн көлөмүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында жүргөн, нарктык көлөмүнүн 20,0 пайызга көбөйүүсүнө карабастан, 22,8 пайыздан 21,7 пайызга чейин кыскарган.

Отчеттук мезгил ичинде **мунайзаттарын** ташып киргизүүнүн көлөмүнүн 22,1 пайызга (же 184,5 млн. АКШ долларына) көбөйүүсү байкалган. Көрсөтүлгөн өсүш ташып киргизүүнүн физикалык көлөмүнүн 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 15,9 пайызга көбөйүүсүнүн натыйжасында жүргөн, ал көбүнчө Россия Федерациясынын күйүүчү-майлоочу материалдарды экспорттук алымдын нөлдүк чени боюнча импорттоо мүмкүнчүлүгүнө шартталган. Мында, ташылып келинүүчү мунай заттарына айкын орточо контракттык баа 5,4 пайызга өскөн.

**11-таблица: Мунай заттардын импорту***
*(млн. АКШ долл.)*

| **Товарлардын аталыштары** | **өлч. бирдиги** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **бардыгы болуп пайыз-дарда** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **1 421,7** | **1 535,1** | **1 154,9** | **1 132,1** | **1 312,0** | **100,0** |
| | ***млн. АКШ долл.*** | **1 049,1** | **694,9** | **736,1** | **833,6** | **1 018,1** | **100,0** |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 509,1 | 523,3 | 423,8 | 558,7 | 699,1 | 53,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 334,4 | 249,2 | 295,2 | 393,6 | 508,4 | 49,9 |
| Дизель отуну | *миң т* | 194,2 | 220,0 | 247,9 | 354,1 | 444,3 | 33,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 141,4 | 91,9 | 148,7 | 268,5 | 350,2 | 34,4 |
| Авиакеросин | *миң т* | 505,1 | 630,3 | 320,9 | 117,6 | 99,8 | 7,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 467,5 | 303,5 | 229,0 | 111,4 | 104,4 | 10,3 |
| Башка майлоочу майлар | *миң т* | 11,7 | 14,0 | 11,2 | 13,8 | 14,9 | 1,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 18,6 | 19,2 | 17,6 | 23,9 | 26,4 | 2,6 |
| Мазут | *миң т* | 41,7 | 128,3 | 128,5 | 76,4 | 32,9 | 2,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 11,0 | 24,4 | 37,0 | 29,1 | 14,0 | 1,4 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | 151,5 | 10,8 | 14,8 | 0,0 | 7,4 | 0,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 71,9 | 3,7 | 5,2 | 0,0 | 4,7 | 0,5 |
| Жана башка мунай заттары | *миң т* | 8,2 | 8,5 | 7,8 | 11,5 | 13,6 | 1,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 4,3 | 2,9 | 3,3 | 7,0 | 10,1 | 1,0 |

* УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында

Бул топто күйүүчү-майлоочу материалдардан башка дагы жаратылыш газы жана көмүр олуттуу үлүштү ээлешет, аларды берүү, тиешелүүлүгүнө жараша 13,1 жана 17,4 пайызга өскөн.

Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр-жай товарларынын салыштырма салмагы олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес жана импорттолгон товарлардын жалпы көлөмүндө 16,2 пайызды түзгөн. Бул топтун төрттөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгүн чоюн жана болот ээлешет, алардын импортунун өсүшүнүн орточо жылдык арымы акыркы эки жыл ичинде 55,0 пайызды түзгөн. Бул топтогу башка маанилүү товарларга резина дөңгөлөктөрү, текстиль материалдары, металлдан жасалган ар кандай буюмдар жана башкалар кирет. Отчеттук жылы бул топтогу дээрлик башка ири товарлар боюнча нарктык көлөмдүн өсүшү жүргөн.

**12-таблица: "Материалдын түрү боюнча классификацияланган, өнөр жай товарлары" тобунун негизги товарлары***
*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **млн. АКШ долл.** | **513,5** | **461,7** | **457,9** | **662,7** | **870,4** |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 155,4 | 164,9 | 122,1 | 166,5 | 255,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 110,5 | 101,0 | 93,5 | 146,8 | 227,8 |
| Резина дөңгөлөктөрү | *млн. даана* | 1,3 | 1,2 | 1,1 | 1,6 | 1,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 37,3 | 35,5 | 42,6 | 55,5 | 74,8 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | *млн.кв.м* | 243,3 | 179,9 | 175,7 | 251,7 | 231,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 76,3 | 50,4 | 49,0 | 63,3 | 73,9 |
| Чоюндан, болоттон же алюминийден жасалган, башка категорияга камтылбаган конструкциялар | *миң т* | 18,0 | 14,4 | 6,8 | 10,0 | 21,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 14,9 | 17,1 | 11,1 | 18,3 | 41,2 |
| Кагаз жана картон | *миң т* | 21,7 | 23,2 | 22,6 | 29,3 | 32,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 22,6 | 24,2 | 25,4 | 36,3 | 40,2 |
| Тапталган жыгач жана калыбына келтирилген жыгач | *миң куб.м* | 62,1 | 71,4 | 71,0 | 85,8 | 142,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 17,7 | 18,7 | 20,3 | 29,6 | 40,1 |
| Сымдардан жасалган буюмдар жана тосмо торлор | *миң т* | 5,8 | 5,0 | 2,3 | 3,9 | 8,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 3,4 | 3,6 | 4,8 | 6,4 | 28,1 |
| Кол жана маштна менен иштетүүчү инструменттер | *миң т* | 56,0 | 5,6 | 12,2 | 15,1 | 13,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 23,5 | 7,9 | 14,9 | 26,9 | 27,6 |
| Сырдалган керамика плиткалары | *млн.кв.м* | 3,0 | 2,1 | 2,4 | 2,8 | 4,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 12,3 | 9,4 | 10,6 | 14,2 | 21,1 |
| Башка категорияда камтылбаган, жезден же болоттон жасалган буюмдар | *миң т* | 9,4 | 9,0 | 9,3 | 11,6 | 8,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 11,9 | 7,9 | 9,9 | 14,1 | 18,3 |
| Башка товарлар | *млн. АКШ долл.* | 183,2 | 185,9 | 175,7 | 251,2 | 277,1 |

* УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча кофе, чай, какао жана алардан жасалган азыктар, дан азыктары, эт азыктары жана кант тамак-аш азыктарынын импортунун нарктык көлөмүнүн жарымынан көбүрөөгүн ээлешет. Жалпысынан алганда, жогоруда саналып өткөн товарлардын импортунун көлөмү кароого алынып жактан мезгил ичинде базалык мезгилге салыштырганда 11,6 пайызга өскөн жана 335,4 млн. АКШ долларына жеткен.

**13-таблица: "Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар" тобунун негизги товарлары***

*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **млн. АКШ долл.** | **400,9** | **384,8** | **408,5** | **540,7** | **595,8** |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | *миң т* | 21,9 | 22,3 | 21,3 | 25,5 | 26,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 52,5 | 55,4 | 60,5 | 82,3 | 102,8 |
| Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана  угут | *миң т* | 304,0 | 341,1 | 349,2 | 289,9 | 440,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 86,3 | 62,7 | 62,3 | 67,0 | 88,1 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 50,6 | 63,4 | 99,2 | 84,3 | 79,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 36,2 | 44,6 | 77,3 | 72,5 | 78,9 |
| Кант, патока жана бал | *миң т* | 72,4 | 82,0 | 62,4 | 87,4 | 85,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 37,7 | 46,4 | 47,1 | 78,7 | 65,7 |
| Башка категорияда камтылбаган, тамак-аш азыктары | *миң т* | 9,3 | 8,1 | 8,1 | 9,7 | 9,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 14,2 | 16,9 | 17,1 | 33,8 | 45,5 |
| Дан азыктары, ундан же өсүмдүк жана жашылча крахмалынан жасалган азыктар | *миң т* | 9,3 | 8,1 | 8,1 | 9,7 | 9,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 22,2 | 17,9 | 23,9 | 33,3 | 40,3 |
| Буудай же угут уну | *миң т* | 111,0 | 69,4 | 25,8 | 136,6 | 112,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 47,1 | 22,2 | 7,9 | 45,7 | 30,7 |
| Мөмө-жемиштер, жаңгактар, жаңы жыйналып алынгандары жана кургатылгандар | *миң т* | 61,5 | 41,4 | 47,4 | 33,8 | 29,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 14,8 | 18,2 | 23,5 | 21,2 | 22,7 |
| Кант кошулуп жасалган кондитердик азыктар | *миң т* | 9,7 | 12,4 | 9,9 | 8,8 | 8,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 11,4 | 14,2 | 15,1 | 17,7 | 20,0 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 7,5 | 7,7 | 6,8 | 7,9 | 10,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 12,2 | 9,9 | 10,5 | 11,5 | 14,8 |
| Башка товарлар | *млн. АКШ долл.* | 66,1 | 76,6 | 63,4 | 77,0 | 86,2 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

**Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү** отчеттук мезгил ичинде олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Импорттун географиялык концентрациялануу индекси 0,2 пайыздык пунктка жогорулаган, бул 2012-жылы негизги өнөктөш өлкөлөрдө салыштырма салмактын бир аз көбөйгөндүгүн тастыктап турат.

**14-таблица. Импорттун географиялык концентрациясы***

*(пайыздарда)*

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| Импорт | 43,2 | 43,6 | 42,2 | 42,1 | 42,3 |
| КМШ | 71,0 | 67,2 | 67,7 | 68,8 | 69,8 |
| Алыскы чет өлкө | 44,2 | 49,4 | 47,3 | 47,3 | 48,0 |

* Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске алуусуз.

Өлкөнүн энергопродукциялардан, керектөө товарларынан жана чийки заттардын айрым түрлөрүнөн көз карандылыгы, импортто Россиядан (33,2 пайыз), Кытайдан (22,5 пайыз) жана Казакстандан (9,7 пайыз) ташылып чыккан товарлардын салыштырма салмагы басымдуулук кылаарына себеп болуп саналат. Жалпысынан, отчеттук мезгил ичинде импорт дүйнөнүн 139 өлкөсүнөн (2008-жылы 114 өлкөдөн) жүзөгө ашырылган.

Негизги азык-түлүк товарларынын импорту көбүнчө КМШ өлкөлөрүнөн жүзөгө ашырылган. Бул өлкөлөрдөн тартылбаган дан эгиндери жана алардан алынган азыктар, кант, өсүмдүк майы жана башка тамак-аш азыктары сыяктуу, азык-түлүк товарларынын ири топтору импорттолот. КМШ өлкөлөрүнөн да мунай заттары алынып келинет. Россия Федерациясынан КММны нөлдүк чен боюнча импорттоо мүмкүнчүлүгүнөн улам, 2012-жылы 96,7 пайыз мунайзаттары Россия Федерациясынан ташылып келинген. Тунук мунайзаттарын экспорттоого убактылуу тыюу салууну 2012-жылдын акырына чейин[9] узарткан Казакстандын салыштырма салмагы, акыркы 5 жыл ичиндеги өз минимумуна (1,6 пайыз) жеткен.

Алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү ташылып келинген азык-түлүктөн башка керектөө товарларынын түзүмүндө көбүрөөк байкалаарлык: Кытай менен Түркиянын кийим-кечени берүү боюнча чогуу алгандагы салыштырма салмагы 96,4 пайызга, ал эми бут кийим импорту боюнча - 82,4 пайызга жеткен. Япониядан, АКШдан жана Германиядан импорттолуучу автоунаалардын үлүшү 57,1 пайызды түзөт.

[9] Казакстан Республикасынын 2011-жылдын 30-декабрындагы N1681 "Жеңил дистиляттарды жана керосин жана газойл продукттарын ташып чыгарууга убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтому; Казакстан Республикасынын 2012-жылдын 29-июнундагы N886 " Жеңил дистиляттарды жана керосин жана газойл продукттарын жана башка мунай заттарын ташып чыгарууга убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтому.

## 15-таблица: Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү*

*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | Мамлекеттер | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | бардыгы болуп пайыз-дарда |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана угут** | **Бардыгы болуп** | **86,3** | **62,7** | **62,3** | **67,0** | **88,1** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 83,0 | 59,7 | 61,5 | 66,9 | 88,1 | 100,0 |
| **Эт жана эт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **36,2** | **44,6** | **77,3** | **72,5** | **78,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | АКШ | 20,6 | 27,4 | 48,9 | 45,0 | 40,0 | 50,7 |
| | Кытай | 12,0 | 13,1 | 23,4 | 19,3 | 27,2 | 30,8 |
| **Кант, патока жана бал** | **Бардыгы болуп** | **37,7** | **46,4** | **47,1** | **78,7** | **65,7** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Беларусь | 19,1 | 31,6 | 30,1 | 53,0 | 37,1 | 56,4 |
| | Украина | 0,5 | 8,0 | 0,3 | 0,3 | 8,9 | 13,5 |
| | Россия | 0,5 | — | 0,4 | 8,7 | 5,9 | 8,9 |
| **Өсүмдүк майлары жана тоң майлар** | **Бардыгы болуп** | **32,0** | **32,9** | **45,0** | **53,7** | **55,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 19,5 | 18,7 | 21,8 | 26,6 | 36,6 | 66,2 |
| | Украина | 6,2 | 7,4 | 9,2 | 15,0 | 7,3 | 13,2 |
| | Казакстан | 3,4 | 5,7 | 10,9 | 7,6 | 8,9 | 16,1 |
| **Дан азыктары, ундан жасалган азыктар** | **Бардыгы болуп** | **22,2** | **17,9** | **23,9** | **33,3** | **40,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Украина | 8,7 | 6,6 | 9,6 | 13,9 | 15,3 | 37,8 |
| | Россия | 8,9 | 7,9 | 8,6 | 11,7 | 15,2 | 37,7 |
| | Казакстан | 2,5 | 2,0 | 3,3 | 4,2 | 5,0 | 12,5 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **150,5** | **107,6** | **118,6** | **184,3** | **237,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Кытай | 118,0 | 89,1 | 97,8 | 159,3 | 196,8 | 82,9 |
| | Түркия | 16,3 | 10,7 | 12,4 | 17,1 | 32,0 | 13,5 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **63,7** | **54,0** | **39,9** | **53,3** | **81,6** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Кытай | 55,0 | 46,2 | 31,3 | 40,3 | 61,2 | 75,0 |
| | Түркия | 2,6 | 2,3 | 2,0 | 4,5 | 6,1 | 7,4 |
| | Россия | 2,8 | 2,4 | 3,3 | 3,5 | 5,9 | 7,2 |
| **Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар** | **Бардыгы болуп** | **1 059,2** | **707,1** | **752,1** | **864,2** | **1 043,0** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 996,7 | 638,8 | 642,9 | 805,0 | 1 008,9 | 96,7 |
| | Казакстан | 39,2 | 42,6 | 92,6 | 34,7 | 16,3 | 1,6 |
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **592,7** | **249,4** | **269,5** | **432,5** | **663,6** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Япония | 121,1 | 58,4 | 73,0 | 145,0 | 174,9 | 26,4 |
| | Германия | 270,0 | 49,1 | 41,2 | 75,3 | 112,9 | 17,0 |
| | АКШ | 29,3 | 15,1 | 69,2 | 58,9 | 91,4 | 13,8 |
| | Кытай | 48,5 | 36,7 | 36,7 | 43,4 | 58,6 | 8,8 |
| | Корея Республикасы | 40,8 | 22,7 | 13,4 | 24,7 | 41,3 | 6,2 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

**N2 кыстырма**

**Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми боюнча кошумча эсептөөлөр**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, расмий статистика тарабынан көроого алынбаган же жетишсиз деңгээлде кароого алынган төлөм теңдеминин айрым көрсөткүчтөрүн толук эсепке алуу максатында, төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча кошумча эсептөөлөрдү пайдаланат:

● **Айыл чарба продукциясын экспорттоо боюнча кошумча баа берүү.**

Улуттук статистика комитети, статистикалык жана бажылык эсепке алуунун расмий ыкмалары аркылуу толук эмес байкоого алынган айыл чарба продукцияларынын көлөмүнө статистикалык баа берүү үчүн айыл чарба продукциясын экспорттоо жагында кошумча эсептөөлөрдү жүзөгө ашырат. Кошумча эсептөөлөр баланстык ыкмада жылына бир жолу төмөнкү формула боюнча жүргүзүлөт[1]:

$X^A = R - U$

мында $X^A$ - айыл чарба продукциясы экспортунун эске алынбаган көлөмү;

R - ресурстар (өндүрүү + импорт);

U - пайдалануу (өздүк керектөө + өндүрүштүк керектөө + экспорт + жоготуулар).

● **"Манас" транзиттик ташуулар борбору боюнча кошумча баа берүү.**

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүүдө негизги ыкма болуп саналган Төлөм теңдеми жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча колдонмонун 5-басылмасына ылайык, элчиликтер, аскер базалары жана эл аралык уюмдар сыяктуу чет мамлекеттердин анклавдары, алар айкын жайгашкан аймактын резиденттеринен эмес, чыккан өлкөнүн резиденттеринен болуп саналышат. Ошондуктан, алардын жайгашкан өлкөнүн резиденттери менен ишке ашырган операциялары (мисалы, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу), эл аралык операциялар болуп саналат жана төлөм теңдеминде эске алынууга тийиш.

Ушуга байланыштуу Улуттук банк, "Манас" транзиттик ташуулар борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын резиденттеринен сатылып алынган (товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоо) төмөнкү товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө кошумча баа берүүнү жүргүзөт:

1. Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын резиденттеринин жер аянтын жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрү);
2. Мамлекеттик кызматтар, аларга элчиликтер, консулдуктар жана аскер базалары сатып алышкан товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында жогоруда аталган анклавдардын кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өздүк чыгашалары кирет;
3. "Манас" транзиттик ташуулар борбору тарабынан резиденттерден сатылып алынган товарлар (мисалы, курулуш материалдары жана техника, тамак-аш азыктары ж.б.).

● **Акча которуулар боюнча кошумча баа берүү.**

Улуттук банктын иштеп жаткандардын акча которуулары боюнча маалыматтарында которуу системалары жана банктык эсептер, ошондой эле "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасы аркылуу которуулар камтылат. Мындай маалыматтарды Улуттук банк, коммерциялык банктардын жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин отчетторунан алат.

Мындан тышкары Улуттук банк, нак акча түрүндө жеке адамдар тарабынан киргизилиши мүмкүн болгон (мигранттар, алардын туугандары, достору ж.б. тарабынан) жана алар иштеп жаткандардын акча которууларынын жалпы суммасында эске алынган которуулардын бөлүгүнө кошумча баа берет. Кошумча баа берүүлөр мурда жүзөгө ашырылган иликтөөлөрдүн жана эсептешүүлөрдүн жыйынтыктарына негизделип, географиялык бөлүштүрүүсүз акча которуулар көлөмүнүн таза агылып кирүүлөрүнүн жалпы суммасына жараша ишке ашырылат. 2012-жылы

[1] Бекитилген Айыл чарба продукциясын экспорттоонун эске алынбаган көлөмүнө статистикалык баа берүү ыкмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин сайтында жайгаштырылган.

кошумча эсептөө коэффициенти акча которуулардын таза агылып кирүүлөрүнүн 10,0 пайызын түзгөн.

Улуттук банктын жогоруда көрсөтүлгөн бардык кошумча эсептөөлөрү төлөм теңдеминин маалыматтарында камтылган (1-таблицанын 2-сабын карагыла).

● **Мунай заттарын реэкспорттоо боюнча кошумча баа берүү.**

Ушуну менен катар эле 2012-жылы, ИДӨнүн өсүшүнө тиешелүү деңгээлде таасирин тийгизе албаган Кыргыз Республикасына мунай заттарды импорттоо көлөмүнүн кыйла өсүшүн эске алып Улуттук банк, республикадан коңшу өлкөлөргө ачык түстөгү мунай заттарын расмий эмес түрдө реэкспорттоо көлөмүнө кошумча баа берүүнү жүзөгө ашырган.

Ошентип, 2012-жылы мунай заттарын реэкспорттоо боюнча кошумча баа берүүлөрдү эске алсак, төлөм теңдеминин күндөлүк эсебинин тартыштыгы 1 137,8 млн. АКШ долларын же ИДӨгө карата 17,6 пайызды түзүшү мүмкүн эле (1-таблицанын 1-сабын карагыла).

**1-таблица. Кыргыз Республикасынын мунайзаттарынын реэкспорту боюнча кошумча баа берүүнү эске алуу менен түзүлгөн төлөө балансы**

*(АКШ млн.долларында)*

| | | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1 = 1.1.+2.2.+2.3.+2.4.** | **1. Мунайзаттарынын реэкспортун эске алуу менен күндөлүк операциялар эсеби** | **-707,6** | **-93,9** | **-312,4** | **-483,6** | **-1 137,8** |
| | Мунайзаттарынын реэкспортун эске алуу менен күндөлүк операциялар эсеби ИДӨгө карата (%) | -13,8 | -2,0 | -6,5 | -8,1 | -17,6 |
| **2 = 2.1.+2.2.+.2.3.+2.4.** | **2. Күндөлүк операциялар эсеби** | **-707,6** | **-93,9** | **-312,4** | **-483,6** | **-1 430,6** |
| | Күндөлүк операциялар эсеби ИДӨгө карата (%) | -13,8 | -2,0 | -6,5 | -8,1 | -22,1 |
| 1.1. = 1.1.1. - 2.2.1. | 1.1. Мунайзаттарынын реэкспортун эске алуу менен соода балансы | -1 879,2 | -1 119,8 | -1 202,2 | -1 669,0 | -2 753,1 |
| 2.1. = 2.1.1. - 2.2.1. | 2.1. Соода балансы | -1 879,2 | -1 119,8 | -1 202,2 | -1 669,0 | -3 045,9 |
| 1.1.1. = 2.1.1.+1.1.1.1. | 1.1.1. Мунайзаттарынын реэкспортун эске алуу менен экспорту (ФОБ) | 1 874,4 | 1 693,8 | 1 778,7 | 2 267,0 | 2 213,4 |
| 2.1.1. = 2.1.1.1+2.1.1.2.+2.1.1.3 | 2.1.1. Экспорт (ФОБ) | 1 874,4 | 1 693,8 | 1 778,7 | 2 267,0 | 1 920,6 |
| | *2.1.1.1. Кошумча баа берүүсүз экспорт* | 1 617,6 | 1 443,5 | 1 488,4 | 1 978,9 | 1 683,2 |
| | *2.1.1.2. Айыл чарба продукциялары боюнча кошумча баа берүү* | *238,0* | *229,5* | *267,5* | *263,2* | *210,6* |
| | *2.1.1.3. ТЖТБ "Manas" боюнча кошумча баа берүү* | *18,8* | *20,8* | *22,8* | *24,8* | *26,8* |
| | *1.1.1.1. Мунайзаттарынын реэкспорту боюнча кошумча баа берүү* | - | - | - | - | *292,8* |
| | 2.2.1. Импорт (ФОБ) | 3 753,5 | 2 813,6 | 2 980,9 | 3 935,9 | 4 966,5 |
| 2.2. = 2.2.1. - 2.2.2. | 2.2. Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -97,7 | 0,2 | -196,5 | 5,8 | -301,8 |
| | 2.2.1. Көрсөтүлгөн кызматтар | 896,1 | 869,1 | 727,8 | 1 143,8 | 1 230,1 |
| | *2.2.1.1. ТЖТБ "Manas" боюнча кошумча баа берүү* | *48,2* | *30,4* | *63,8* | *63,8* | *63,9* |
| | 2.2.2. Алынган кызматтар | -951,0 | -858,6 | -924,2 | -1 138,0 | -1 531,9 |
| | 2.3. Кирешелер | -206,7 | -181,4 | -305,1 | -659,1 | -144,4 |
| 2.4. = 2.4.1.+2.4.2 | 2.4. Күндөлүк трансферттер | 1 476,0 | 1 207,1 | 1 391,3 | 1 838,7 | 2 061,5 |
| | 2.4.1. Мамлекеттик башкаруу сектору | 45,9 | 194,9 | 78,2 | 83,3 | 63,2 |
| 2.4.2. = 2.4.2.1. -2.4.2.2 | 2.4.2. Башка секторлор | 1 430,1 | 1 012,1 | 1 313,1 | 1 755,4 | 1 998,3 |
| | 2.4.2.1. Түшүүлөр | 1 506,8 | 1 094,1 | 1 450,9 | 1 956,5 | 2 272,7 |
| | *2.4.2.1.1. Акча которуулары боюнча кошумча баа берүү* | *245,4* | *90,0* | *113,1* | *151,0* | *177,4* |
| | 2.4.2.2. Агылып чыгуу | -76,7 | -82,0 | -137,8 | -201,1 | -274,4 |

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

Кыргыз Республикасынын тышкы соода ишинин өсүшкө ык койгон көлөмү эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсүнүн көбөйүүсү менен бекемделген. Ал 2 761,9 млн. АКШ долларына жетүү (ИДӨгө карата 42,7 пайыз) менен 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 21,0 пайызга көбөйгөн.

**3-график: Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соодасы***

*(млн. АКШ долларында)*




* Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске алуу менен

**4-график: Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**

*ИДПга карата пайызда*




**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы** (төлөм теңдеминин нейтралдык берилиши) терс түптөлүү менен анын 2011-жылдагы 5,8 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү алгылыктуу маанисине каршы 301,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Ошону менен бирге эле, кызмат көрсөтүү балансынын тартыштыгы акыркы 5 жыл ичиндеги ушу сыяктуу маалыматтардын катарында максимумга жеткен, буга кызмат көрсөтүүлөр импортунун өсүшүнүн (34,6 пайызга) алардын экспортунун өсүшүнө салыштырганда (7,5 пайызга) озгон арымда түптөлүшү өбөлгө түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде **кызмат көрсөтүүлөр экспорту** 1 230,1 млн. АКШ долларына жеткен, бул товарлардын экспортунун көлөмүнүн 64,0 пайызына туура келет. **Кызмат көрсөтүүлөр импорту** товарлардын импортунун 30,8 пайызын түзүү менен 1 531,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

Отчеттук жылы эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы жүгүртүүнүн 87,3 пайызы туура келген ири статьялардан болуп, кыдыруулар, транспорттук жана ишкер кызмат көрсөтүүлөр саналышкан.

"Кыдыруулар" статьясынын сальдосу мурдагыдай эле, профицит менен түптөлгөн. Ал отчеттук жылы 36,6 пайызга 139,2 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн. Мында, кыдырууларга байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр импорту боюнча, чет өлкө жарандарына алардын Кыргыз Республикасынын аймагына келиши учурунда көрсөтүлгөн кызматтарга караганда (9,0 пайызга) кыйла ыргактуу өсүш (32,8 пайыз) байкалган. Акыркы жылдардын динамикасында кыдырууларга байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө олуттуу түшүү 2010-жылга туура келген, мында бул статья боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн жүгүртүүсү 554,8 млн. АКШ долларына төмөндөгөн. Бирок, натыйжада жүгүртүүнүн мурдагы көлөмү калыбына келтирилген жана өсүшүн уланткан: кыдыруулар боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн чогуу алгандагы жүгүртүүсү 2012-жылы 18,4 пайызга өскөн жана 1 256,6 млн. АКШ долларына жеткен.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн акыркы 5 жыл ичиндеги динамикасында, 2009-2010-жылдарда орун алып турган түшүү 2011-жылы четтетилген жана кароого алынып жаткан жылы өсүшүн улантакан. 2012-жылы транспорттук кызмат көрсөтүүлөр боюнча 461,7 млн. АКШ долларында түптөлгөн терс сальдо, экспорттун көлөмүнүн бир аз өсүшүнүн (тиешелүүлүгүнө жараша, 28,3 жана 7,2 пайызга) алкагында бул статья боюнча кызмат көрсөтүүлөр импортунун олуттуу өсүшүнүн натыйжасы болуп калган. Импорттун өсүшү темир жол жана автоунаа транспортунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү (тиешелүүлүгүнө жараша 31,9 жана 25,7 пайызга) менен камсыз болгон, ал эми экспорт боюнча олуттуу салымды, тиешелүүлүгүнө жараша 5,1 эсеге жана 4,5 пайызга өскөн транспорттук кызмат көрсөтүүлөр жана аба транспорттук кызмат көрсөтүүлөр кошушкан.

Акыркы кароого алынып жаткан жылдары мааниси туруксуз болгон ишкер кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту, отчеттук жыл ичинде 29,6 млн. АКШ доллары суммасында терс мааниде түптөлгөн (2011-жылы 65,8 млн. АКШ долларындагы алгылыктуу белгиде). Мунун негизги фактору болуп, ишкер кызмат көрсөтүүлөр импортунун (2,0 эсеге) олуттуу өсүшү саналган, бул консультациялык кызматтардын 2,7 эсеге өсүшү менен алдын-ала аныкталган. Ишкер кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмү базалык мезгилге салыштырганда бир аз гана (8,3 пайызга) өскөн.

## КИРЕШЕЛЕР

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча "кирешелер" статьясынын сальдосу терс түптөлүү менен 144,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 78,1 пайызга аз.

Мындай тенденциянын түптөлүшү, негизинен, тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргызстандагы инвестициялык ишинен кирешелеринин кыскаруусуна шартталган, бул ишканалардын реинвестицияланган пайдасынын көлөмүнүн 84,0 пайызга (475,3 млн. АКШ долларынан 75,8 млн. АКШ долларына чейин) төмөндөөсүнө таасирин тийгизген. Тике инвесторлордун бөлүштүрүлгөн кирешелеринин көлөмү да кыскарган (92,7 пайызга) жана 2011-жылдагы 133,9 млн. АКШ долларына каршы 9,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Натыйжада, тике инвестициялар боюнча кирешелердин сальдосу 86,0 пайызга азаюу менен 85,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

Отчеттук жылы буга чейин алынган кредиттер боюнча төлөөлөрдүн көлөмүнүн, көбүнчө өкмөт тарабынан гарантияланбаган жеке кредиттер төлөөлөрдүн өсүшүнүн эсебинен 18,5 пайызга (47,0 млн. АКШ долларына) көбөйүүсү байкалган. Бул "башка инвестициялар боюнча кирешелер" статьясынын тартыштыгынын 55,6 пайызга (29,9 млн. АКШ долларына чейин) көбөйүүсүнө өбөлгө түзгөн.

Отчеттук мезгилде "эмгекке төлөөлөр" статьясынын сальдосу да терс түптөлүү менен 28,9 млн. АКШ долларын (1,6 пайызга төмөндөгөн) түзгөн. Бул тенденция резидент эместердин Кыргыз Республикасындагы ишинен кирешелеринин чогуу алгандагы көлөмүнүн төмөндөөсүнө шартталган.

## ТРАНСФЕРТТЕР

**Күндөлүк трансферттердин** алгылыктуу балансы 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча кезектеги максимумга жетүү менен 2 061,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2011-жылдагыга караганда 12,1 пайызга көп жана акыркы 5 жыл ичинде күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүүсүнүн олуттуу түшүүсү туура келген 2009-жылдагы көрсөткүчтөн 70,8 пайызга жогору. Күндөлүк трансферттер эсебинин сальдосунун ИДӨгө карата катышы 31,9 пайызды түзгөн.

Күндөлүк трансферттер эсебинде аныктоочу ролду мурдагыдай эле, **жеке трансферттер** ээлешет (төлөм теңдемин нейтарлуу берүү), алардын таза агылып кирүүсү 1 998,3 млн. долларын түзгөн, бул базалык мезгилдеги көрсөткүчтөн 13,8 пайызга жогору.

Көрсөтүлгөн өсүш иштеп жаткандардын акчалай которуулары менен камсыз болгон, ал жеке трансферттердин түшүүлөрүнүн жалпы көлөмүндө 97,2 пайызды ээлешет. Бул статья боюнча түшүүлөр өсүшүн улантууда: иштеп жаткандардын акчалай которууларынын таза агылып кирүүсү

2011-жылга салыштырганда 17,5 пайызга көбөйүү менен 1 951,7 млн. АКШ долларын (ИДӨгө карата 30,2 пайыз) түзгөн.

**5-график: Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**
*ИДПга карата пайызда*




Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын республикага келип түшүүнүн негизги каналы болуп которуулар системасы[10] калат (дүң агылып кирүүдөн 91,4 пайыз). Отчеттук мезгил ичинде акча которуулар системалары боюнча таза агылып кирүү 1 768,5 млн. АКШ долларына[11] жогорулоо менен 17,5 пайызга көбөйгөн. Мында, акча которуулардын географиялык түзүмү дээрлик өзгөрүүсүз калат. Кароого алынып жаткан жылдын жыйынтыгы боюнча акча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (96,4 пайыз), Казакстандан (1,7 пайыз) жана АКШдан (1,2 пайыз) келип түшкөн. Кыргыз Республикасынан жөнөтүлгөн которуулардын түзүмүндө басымдуу салыштырма салмак да Россияга (97,4 пайыз) туура келет.

Акчалай которуулар соода тартыштыгынын негизги каржылоо булагы бойдон калат. Акча которуулардын сальдосу, мурдагыдай эле, керектөө товарларынын таза экспортун жабат, бул өз кезегинде 1 454,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде күндөлүк трансферттердин **мамлекеттик башкаруу секторуна** (төлөм теңдеминин нейтралдуу берилиши) таза агылып кирүүсү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 24,1 пайызга кыскаруу менен 63,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн. Алынган акчалай гранттардын 24,0 пайызга кыскаруусу төмөндөөгө олуттуу таасирин тийгизген.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ЭСЕБИ

**6-график: Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби**
*ИДПга карата пайызда*




**Капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын** эсеби 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 1 138,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө (ИДӨгө карата 17,6 пайыз) оң сальдодо түптөлгөн, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 27,4 пайызга көп. Мында, финансылык эсеп боюнча сыяктуу эле, капитал менен операциялардын эсеби боюнча да капиталдын агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү белгиленген.

[10] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана "Кыргызпочтасы" МИ аркылуу которуулар.
[11] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүсүз.

**Капитал менен операциялар эсебинин** сальдосу 166,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2011-жылы жетишилген деңгээлден 2,6 эсеге артат. Сальдонун алгылыктуу мааниси жана башка трансферттердин, эң оболу мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында гранттардын 100,5 млн. АКШ доллар көлөмүндө агылып кирүүсү менен шартталган, бул бир жыл мурунку көрсөткүчтөн 1,0 пайызга аз, бирок 2008-жылдагы көрсөткүчтөн 80,1 пайызга жогору.

Ушуну менен катар эле, мигранттардын активдеринин таза агылып чыгуусунун 17,7 млн. АКШ долларына чейин (81,0 пайызга төмөндөө) кыскаруусу жүргөн, ал акыркы жылдардагы салыштыруу үчүн алынган маалыматтардын катарында минимумга жеткен. Бул көрсөткүчтүн төмөндөөсүнө отчеттук жылы[12] белгилинген, чет өлкөгө туруктуу жашоо үчүн кетип жатышкан жарандардын санынын кыскаруусу таасирин тийгизген, буга Кыргыз Республикасынын жарандарынын Россия Федерациясынын жарандыгын жеңилдетилген шартта алуусу жөнүндө 2012-жылдын март айындагы россия-кыргыз келишиминин денонсацияланышы бирден-бир себеп болгон.

Мындан тышкары, 2012-жылдын 4-октябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Түрк Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы 49,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү карызды кечүү тууралуу Келишим күчүнө кирген, бул да капитал менен операциялар эсебинин сальдосунун калыптанышына алгылыктуу салым кошкон.

**Финансылык эсептин** алгылыктуу балансы 2012-жылы 972,4 млн. АКШ долларында түптөлгөн, бул бир жыл мурдагыга караганда 17,3 пайызга көп.

**Тике инвестициялардын** таза агылып кирүүсү отчеттук мезгил ичинде 372,1 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде алардын агылып кирүүсү 693,6 млн. АКШ долларында ( 46,3 пайызга төмөндөө) катталган. Тике инвестициялардын азаюусуна реинвестицияланган кирешелердин агылып кирүүсүнүн неттосунун кыскаруусу негизги таасирин тийгизген, ал 84,0 пайызга төмөндөө менен 75,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Акционердик капиталга инвестицияланган финансылык каражаттардын таза агылып кирүүсү да 71,8 млн. АКШ долларынан 17,7 млн. АКШ долларына чейин кыскарган. Мында, ишканалардын тике инвесторлор алдындагы карыздык милдеттенмесинин өзгөрүүсүнө таасирин тийгизген, башка тике инвестициялар боюнча таза агылып кирүү, эң оболу, чет өлкөлүк кошо ээлик кылуучулардан алынган кредиттердин көлөмүнүн 2,0 эсеге өсүшүнүн натыйжасында 146,4 млн. АКШ долларынан 278,6 млн. АКШ долларына чейин өскөн.

Отчеттук мезгилде экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике инвестициялардын көбүрөөк таза агылып кирүүсү кайра иштетүү өнөр жайына, кыймылсыз мүлккө жана ижарага[13] байланыштуу операцияларга жана финансы секторуна байкалган. Мында, бардык белгиленген секторлорго салымдар боюнча таза агылып кирүү неттосу кыскарган: олуттуу түшүү кайра иштетүү өнөр жайына (63,0 пайызга) байкалган. Кыймылсыз мүлк жана финансы операцияларын жүргүзгөн компанияларга инвестициялар, тиешелүүлүгүнө жараша 17,2 жана 4,3 пайызга төмөндөгөн. Тике инвестицияларды географиялык бөлүштүрүүдө Канададан, Улуубританиядан, Кытайдан жана Швейцариядан капиталдын агылып кирүүсү басымдуулук кылат, булардан кийин КМШ өлкөлөрү - Россия Федерациясы жана Казакстан турат. Улуубританиядан (2,1 эсеге өсүш) жана Россия Федерациясынан (4,9 эсеге өсүш) агылып кирүүлөрдү кошпогондо, жогоруда белгиленген бардык өлкөлөр боюнча, инвестициялардын таза агылып кирүүсүнүн кыскаруусу байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде **портфелдик инвестициялар балансынын сальдосу** оң белгиде түптөлүү менен 5,7 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 2011-жылы тиешелүү көрсөткүч терс (-0,3 млн. АКШ долларында) түптөлгөн эле. Негизинен, финансылык каражаттардын агылып кирүүсү облигацияларды жана башка карыздык баалуу кагаздарды резидент эместерге сатууга шартталган.

[12] Кыргыз Республикасынын УСКсынын маалыматтары боюнча чет өлкөгө кетишкендердин саны 13 019 адамды (2011-жылы 39 403 адамды) түзгөн.

[13] Кыргыз Республикасынын УСКсынын классификациясы боюнча, бул топко геологиялык чалгындоо иштери камтылат.

**Республикага тартылган башка инвестициялардын** таза көлөмү базалык мезгилдеги көрсөткүчкө салыштырганда 4,4 эсеге өсүү менен 594,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Башка инвестициялардын алгылыктуу балансы Кыргыз Республикасынын резиденттеринин тышкы активдеринин алардын тышкы дүйнө алдында милдеттенмелеринин көбөйүүсү менен катар эле олуттуу кыскаруусунун натыйжасында калыптанган.

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча резиденттердин активдери 144,1 млн. АКШ долларына азайган, ал эми өткөн жылы алардын 232,1 млн. долларында өсүшү байкалган. Мында, олуттуу кыскаруу резиденттердин чет өлкө банктарында жайгаштырылган активдери боюнча (181,3 млн. АКШ долларына) байкалган. Ишканалардын өлкөнүн чегинен тышкары жайгашкан эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарынын чогуу алгандагы көлөмүнүн 90,0 пайыздан көбүрөөгү өнөр жай секторунун ишканаларына туура келген[14].

Кыргыз Республикасынын резиденттеринин алдындагы дебитордук карызынын көлөмү 22,9 млн. АКШ долларына көбөйгөн. 2012-жылдын акырына карата абал боюнча, чогуу алганда дебитордук карыздын дүң көлөмүнүн[15] 89,0 пайызы кайра иштетүү өнөр жай ишканаларына, кыймылсыз мүлк, ижара жана керектөөчүлөргө кызматтарды сунуштоо боюнча операцияларды жүзөгө ашырышкан ишканаларга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын соода жана ремонт чөйрөсүндө иш алып барган ишканаларга туура келет.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы дүйнө алдында башка инвестициялар боюнча милдеттенмелер 450,8 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Милдеттенмелердин өсүшү кредиттерди тартуу жана резидент ишканалардын кредитордук карызынын көлөмүнүн көбөйүүсүнүн таасири астында жүргөн.

Тышкы кредиторлордун таза агылып кирүүсү 387,5 млн. АКШ долларына барабар, анын ичинде 255,5 млн. долларды мамлекеттик секторго жана 131,9 млн. АКШ долларын -жеке секторго келип түшкөн кредиттер түзүшөт. Мында, мамлекеттик сектор тарабынан тартылган кредиттердин дээрлик бардык көлөмү мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында алыскы чет өлкөлөрдөн (348,1 млн. АКШ долларында) түшкөн. Буга чейин алынган кредиттер боюнча карыздын негизги суммасы боюнча төлөөлөр 92,6 млн. АКШ долларын (көбөйүү өткөн жылдагыга салыштырганда 49,8 млн. АКШ долларын түзөт) түзгөн. Жеке сектор тарабынан буга чейин алынган кредиттерди тейлөө боюнча төлөөлөрдүн көлөмү да (18,4 млн. АКШ долларына) 206,6 млн. АКШ долларына жетүү менен көбөйгөн, ал эми кредиттик каражаттардын агылып кирүүсү 39,0 млн. АКШ долларына 338,5 млн. АКШ долларына чейин кыскарган.

Резидент ишканалардын кредитордук карызынын көлөмү отчеттук мезгилде 54,7 млн. долларына өскөн. Көрсөтүлгөн милдеттенмелер негизинен кайра иштеп чыгуу өнөр жай ишканаларында, ошондой эле соода, транспорт жана байланыш чөйрөлөрүндө түптөлгөн, буларга чогуу алганда карыздын жалпы суммасынын 81,4 пайызы[16] туура келет.

**"Каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясы 2008-жылдан тартып биринчи жолу 480,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө алгылыктуу түптөлгөн, ал эми 2011-жылы бул көрсөткүч терс түптөлүү менен 303,8 млн. АКШ долларына жеткен. Бул статьянын алгылыктуу чекте түптөлүүсү капиталдын өлкөгө агып кирүүсүнө байланыштуу операциялардын толук эмес статистикалык эсепке алынгандыгын тастыктап турат. Учурда, көрсөтүлгөн статья боюнча көрсөткүчтү төмөндөтүү максатында Улуттук банк, төлөм теңдеминин көрсөткүчтөрүн статистикалык камтуусун жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүүдө.

Дүң эл аралык камдардын көлөмү 2012-жылдын акырына карата 2 066,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 3,8 айын жабат.

[14] 2012-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча.
[15] Тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргыз Республикасынын резидент ишканаларынын алдындагы карызын эске албаганда.
[16] Резидент ишканалардын тике чет өлкө инвесторлору алдындагы карызын эске албаганда.

## 16-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүү)

*(млн.АКШ долларында)*

| | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-227,9** | **-707,6** | **-93,9** | **-312,4** | **-483,6** | **-1430,6** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -1195,9 | -1976,9 | -1119,5 | -1398,6 | -1663,1 | -3347,7 |
| Соода балансы* | -1275,8 | -1879,2 | -1119,8 | -1202,2 | -1669,0 | -3045,9 |
| Экспорт (ФОБ) | 1337,8 | 1874,4 | 1693,8 | 1778,7 | 2267,0 | 1920,6 |
| КМШ | 753,9 | 1011,7 | 752,8 | 784,2 | 1019,6 | 1092,4 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 583,9 | 862,7 | 941,0 | 994,5 | 1247,4 | 828,3 |
| Импорт (ФОБ) | 2613,6 | 3753,5 | 2813,6 | 2980,9 | 3935,9 | 4966,5 |
| КМШ | 1420,7 | 2025,4 | 1593,7 | 1590,2 | 2018,3 | 2486,5 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1192,9 | 1728,1 | 1219,9 | 1390,6 | 1917,7 | 2480,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | 79,9 | -97,7 | 0,2 | -196,5 | 5,8 | -301,8 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 684,8 | 896,1 | 869,1 | 727,8 | 1143,8 | 1230,1 |
| Алынган кызматтар | -604,8 | -993,8 | -868,9 | -924,2 | -1138,0 | -1531,9 |
| Кирешелер | -50,5 | -206,7 | -181,4 | -305,1 | -659,1 | -144,4 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -39,0 | -177,9 | -118,5 | -247,9 | -610,7 | -85,6 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,2 | 0,5 | 4,2 | 0,2 | 0,1 | — |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | 9,0 | -5,0 | -41,4 | -25,1 | -19,2 | -29,9 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -24,5 | -28,5 | -44,7 | -35,8 | -39,7 | -47,0 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 33,5 | 23,4 | 3,3 | 10,7 | 20,4 | 17,1 |
| Эмгекке төлөөлөр | -20,8 | -24,3 | -25,8 | -32,3 | -29,4 | -28,9 |
| Күндөлүк трансферттер | 1018,5 | 1476,0 | 1207,1 | 1391,3 | 1838,7 | 2061,5 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **892,7** | **385,7** | **416,4** | **423,7** | **893,3** | **1138,4** |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -74,9 | -5,7 | 16,3 | -11,1 | 64,1 | 166,1 |
| Капиталдык трансферттер | -74,9 | -5,7 | 16,3 | -11,1 | 64,1 | 166,1 |
| Финансылык эсеп | 967,6 | 391,4 | 400,0 | 434,8 | 829,2 | 972,4 |
| Тике инвестициялар | 208,9 | 377,1 | 189,6 | 437,6 | 693,6 | 372,1 |
| Портфелдик инвестициялар | -28,3 | -4,5 | -13,9 | 27,1 | -0,3 | 5,7 |
| Финансылык деривативдер | — | — | — | — | — | -0,4 |
| Башка инвестициялар | 787,0 | 18,8 | 224,3 | -29,9 | 135,9 | 594,9 |
| Активдер ("-"көбөйүү) | 11,5 | -352,0 | -237,5 | 128,7 | -232,1 | 144,1 |
| Коммерциялык банктар | 37,9 | -109,8 | -158,2 | 202,8 | -19,1 | -8,2 |
| Жана башка активдер | -26,4 | -242,2 | -79,3 | -74,1 | -213,0 | 152,4 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 775,4 | 370,7 | 461,8 | -158,6 | 368,0 | 450,8 |
| Коммерциялык банктар | 66,6 | 48,4 | 50,4 | -225,6 | 7,3 | 8,6 |
| Кредиттер | 695,5 | 200,8 | 320,3 | 51,2 | 360,6 | 387,5 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 38,5 | 12,9 | 332,9 | 110,8 | 171,2 | 255,5 |
| Алынганы | 65,0 | 50,1 | 370,6 | 150,0 | 213,9 | 348,1 |
| Амортизация (график) | -26,5 | -37,2 | -37,7 | -39,3 | -42,7 | -92,6 |
| Жеке секторго кредиттер | 657,0 | 188,0 | -12,6 | -59,6 | 189,4 | 131,9 |
| Алынганы | 784,8 | 479,4 | 579,9 | 297,3 | 377,6 | 338,5 |
| Амортизация (график) | -127,8 | -291,5 | -592,5 | -356,9 | -188,2 | -206,6 |
| Жана башка милдеттенмелер | 13,3 | 121,6 | 91,2 | 15,9 | 0,2 | 54,7 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **-348,1** | **415,5** | **-82,2** | **-45,8** | **-303,8** | **480,9** |
| **Жалпы баланс** | **316,7** | **93,6** | **240,3** | **65,5** | **105,9** | **188,7** |
| **Каржылоо** | **-316,7** | **-93,6** | **-240,3** | **-65,5** | **-105,9** | **-188,7** |
| Улуттук банктын камдары | -306,8 | -121,3 | -267,7 | -112,3 | -112,8 | -200,5 |
| ЭВФтин кредиттери | -20,7 | 18,7 | 3,5 | 9,1 | 5,5 | 8,7 |
| Өзгөчө каржылоо | 10,7 | 9,0 | 23,9 | 37,7 | 1,4 | 3,0 |
| Жана башка каржылоо | — | — | — | — | — | — |

* Алып сатарлардын соодасын жана Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске алуу менен

| 2011 | | | | 2012 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| **-88,0** | **44,6** | **-73,3** | **-366,9** | **-425,5** | **-315,2** | **-410,6** | **-279,3** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -249,6 | -303,8 | -480,3 | -629,5 | -706,2 | -794,9 | -957,1 | -889,6 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -189,7 | -327,5 | -532,9 | -618,8 | -582,6 | -743,1 | -900,4 | -819,8 | Соода балансы* |
| 513,6 | 588,2 | 567,8 | 597,3 | 397,4 | 448,3 | 399,7 | 675,3 | Экспорт (ФОБ) |
| 180,1 | 308,6 | 265,4 | 265,5 | 217,2 | 304,7 | 285,0 | 285,5 | КМШ |
| 333,5 | 279,6 | 302,4 | 331,8 | 180,2 | 143,6 | 114,7 | 389,8 | Алыскы чет өлкөлөр |
| 703,3 | 915,8 | 1100,7 | 1216,1 | 979,9 | 1191,4 | 1300,1 | 1495,1 | Импорт (ФОБ) |
| 351,0 | 471,9 | 563,6 | 631,7 | 524,2 | 574,0 | 614,4 | 773,9 | КМШ |
| 352,3 | 443,8 | 537,2 | 584,4 | 455,7 | 617,4 | 685,7 | 721,2 | Алыскы чет өлкөлөр |
| -59,8 | 23,7 | 52,7 | -10,7 | -123,7 | -51,7 | -56,6 | -69,8 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 163,3 | 284,8 | 372,5 | 323,2 | 245,7 | 290,9 | 351,1 | 342,4 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -223,1 | -261,1 | -319,8 | -334,0 | -369,4 | -342,7 | -407,7 | -412,1 | Алынган кызматтар |
| -190,0 | -101,0 | -139,5 | -228,6 | -69,5 | -11,7 | -45,7 | -17,5 | Кирешелер |
| -175,8 | -91,2 | -126,7 | -216,9 | -53,4 | -1,6 | -20,4 | -10,2 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| — | — | 0,1 | 0,1 | — | — | — | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -6,9 | -2,6 | -5,7 | -4,0 | -9,0 | -2,7 | -16,6 | -1,7 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -10,6 | -6,6 | -11,8 | -10,7 | -11,4 | -7,8 | -18,7 | -9,1 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 3,6 | 4,1 | 6,1 | 6,7 | 2,4 | 5,1 | 2,1 | 7,4 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -7,3 | -7,2 | -7,1 | -7,7 | -7,1 | -7,4 | -8,7 | -5,7 | Эмгекке төлөөлөр |
| 351,6 | 449,3 | 546,4 | 491,3 | 350,2 | 491,4 | 592,2 | 627,8 | Күндөлүк трансферттер |
| **272,9** | **102,4** | **32,3** | **485,7** | **249,4** | **281,0** | **280,0** | **328,1** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| 6,6 | 11,2 | 10,5 | 35,8 | 22,0 | 23,0 | 34,9 | 86,2 | Капитал менен операциялардын эсеби |
| 6,6 | 11,2 | 10,5 | 35,8 | 22,0 | 23,0 | 34,9 | 86,2 | Капиталдык трансферттер |
| 266,3 | 91,2 | 21,8 | 449,9 | 227,4 | 258,0 | 245,1 | 241,9 | Финансылык эсеп |
| 212,7 | 117,1 | 58,8 | 304,9 | 45,5 | 111,4 | 153,8 | 61,3 | Тике инвестициялар |
| — | -5,8 | 5,5 | -0,1 | 5,6 | — | — | — | Портфелдик инвестициялар |
| — | — | — | — | -0,3 | 0,3 | — | -0,4 | Финансылык деривативдер |
| 53,6 | -20,1 | -42,5 | 145,0 | 176,5 | 146,2 | 91,2 | 181,0 | Башка инвестициялар |
| -83,7 | -0,6 | -128,5 | -19,3 | 52,8 | 137,9 | -76,7 | 30,1 | Активдер ("-"көбөйүү) |
| -11,4 | -11,0 | -11,4 | 14,7 | -23,3 | 26,5 | -48,5 | 37,1 | Коммерциялык банктар |
| -72,3 | 10,4 | -117,1 | -34,1 | 76,1 | 111,4 | -28,2 | -6,9 | Жана башка активдер |
| 137,3 | -19,5 | 85,9 | 164,4 | 123,7 | 8,3 | 167,9 | 150,8 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| 5,5 | 3,5 | -2,5 | 0,8 | 3,4 | 0,7 | 1,6 | 2,9 | Коммерциялык банктар |
| 34,4 | 71,8 | 79,8 | 174,6 | 90,8 | -10,3 | 152,4 | 154,7 | Кредиттер |
| 22,5 | 43,7 | 61,5 | 43,4 | 46,4 | 19,0 | 137,2 | 53,0 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 28,9 | 58,2 | 68,8 | 58,0 | 53,7 | 33,3 | 144,6 | 116,5 | Алынганы |
| -6,4 | -14,4 | -7,3 | -14,6 | -7,3 | -14,2 | -7,5 | -63,5 | Амортизация (график) |
| 11,9 | 28,0 | 18,3 | 131,2 | 44,4 | -29,4 | 15,2 | 101,7 | Жеке секторго кредиттер |
| 56,6 | 57,6 | 88,0 | 175,3 | 101,7 | 42,4 | 62,7 | 131,9 | Алынганы |
| -44,7 | -29,6 | -69,8 | -44,2 | -57,2 | -71,7 | -47,4 | -30,2 | Амортизация (график) |
| 97,3 | -94,8 | 8,7 | -11,0 | 29,6 | 18,0 | 13,9 | -6,7 | Жана башка милдеттенмелер |
| **-151,7** | **-76,0** | **43,0** | **-119,1** | **170,7** | **126,2** | **137,5** | **46,5** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **33,2** | **70,9** | **2,0** | **-0,3** | **-5,5** | **92,0** | **6,9** | **95,3** | **Жалпы баланс** |
| **-33,2** | **-70,9** | **-2,0** | **0,3** | **5,5** | **-92,0** | **-6,9** | **-95,3** | **Каржылоо** |
| -23,4 | -84,5 | 7,7 | -12,6 | 14,1 | -106,5 | 1,4 | -109,5 | Улуттук банктын камдары |
| -9,8 | 13,0 | -10,1 | 12,4 | -9,7 | 14,1 | -9,5 | 13,9 | ЭВФтин кредиттери |
| — | 0,5 | 0,4 | 0,5 | 1,1 | 0,4 | 1,2 | 0,3 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

## РЕАЛДУУ ЭФФЕКТИВДҮҮ АЛМАШУУ КУРСУ

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча реалдуу эффективдүү алмашуу курсу (РЭАК) 0,1 пайызга көбөйүү менен 112,6 түзгөн.

РЭАК индексинин өсүшү негизинен Кыргыз Республикасындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда өнөктөш өлкөлөрдө инфляция деңгээлинин кыйла төмөнкү деңгээлде болушуна шартталган. Алсак, 2012-жыл ичинде Кыргыз Республикасындагы инфляция 7,6 пайызды түзгөн, ал эми негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли ошол эле мезгил ичинде 2,5 пайыздан ашкан эмес.

Сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси (НЭАК) 2012-жылдын башталышынан тартып 4,7 пайызга төмөндөгөн жана отчеттук жылдын акырына карата 110,8 түзгөн. Төмөндөө, кароого алынып жактан жылдын акырында 2011-жылдын жыйынтыгындагы орточо курска салыштырганда сомдун түрк лирасына карата 6,0 пайызга, орус рублине карата - 4,1 пайызга, кытай юанына карата - 3,4 пайызга, АКШ долларына карата - 1,6 пайызга, еврого карата - 0,9 пайызга нарксызданышына[17] шартталган. Ушуну менен бирге эле, казак тенгесинин курсуна карата сом 0,1 пайызга чыңдалган.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ

Номиналдуу тышкы карыздын жалпы көлөмү (алынган жана төлөнбөгөн) 2012-жылдын акырына карата 5 405,5 млн. АКШ доллары деңгээлине жеткен, бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 13,7 пайызга жогору. Карыздын көрсөтүлгөн көлөмүнөн мамлекеттик жана жеке сектордун карызын түшүнүүгө болот:

- мамлекеттик тышкы карыз 3 100,0 млн. АКШ долларына жеткен, бул чогуу алгандагы карыздын 57,3 пайызын (анын ичинде ЭВФ кредиттери боюнча карыз - 190,5 млн. АКШ долларын) түзөт. Мамлекеттик тышкы карыздын түзүмү -расмий кредиторлор- ар тараптуу жана эки тараптуу донорлор алдындагы милдеттенмелер катары берилген;
- мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке сектордун карызы[18] 2 305,5 млн. АКШ долларын (чогуу алгандагы карыздын 42,7 пайызын) түзөт.

Акыркы жылдарда өлкөнүн жалпы тышкы карызынын түзүмү белгилүү бир өзгөртүүлөргө дуушар болгон. Алсак, 2008-жылдын акырына карата олуттуу салыштырма салмакты мамлекеттик ар тараптуу карыз ээлеген (42,7 пайыз), ал эми отчеттук жылы жалпы тышкы карызда гарантияланбаган жеке карыздын үлүшү (42,7 пайыз) басымдуулук кылат.

2012-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасын төмөнкү

**7-график: Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызынын бир мезгилдин акырына карата абал боюнча түзүмү***
*млн. АКШ долл. жана жалпы тышкы карыздардан пайыздарда*




* Улуттук банктын маалыматтарынын негизинде

[17] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл колдонулат.
[18] УСКнын маалыматтары боюнча.

**8-график: Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызынын коэффициенти***
*пайыздар*




* Улуттук банктын эсептөөлөрү

негизги карыздык көрсөткүчтөр мүнөздөшөт:

- ИДӨгө карата номиналдык жалпы тышкы карыз - 83,6 пайыз;
- товарлардын жана кызматтардын экспортуна карата номиналдык жалпы тышкы карыз - 168,9 пайыз.

Отчеттук мезгил ичинде карыздык көрсөткүчтөрдүн начарлоосу көбүнчө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан гарантияланбаган жеке сектордун карызынын көлөмүнүн кыйла ыргактуу көбөйүүсүнөн улам түптөлгөн.

## МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ

2012-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын көлөмү 3 100,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын акырында катталган тиешелүү көрсөткүчтөн 9,7 пайызга көп.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын түзүмү 2013-жылдын 1-январына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карыздын жалпы көлөмүнүн, тиешелүүлүгүнө жараша 51,6 жана 48,4 пайызын ээлеген ар тараптуу жана эки тараптуу кредиторлор алдындагы карызы менен берилген.

**9-график: Кыргыз Республикасынын ар тараптуу карызынын кредиторлордун түрлөрү боюнча бир мезгилдин акырына карата**
*млн. АКШ долл. жана жалпы тышкы карыздардан пайыздарда*




* Улуттук банктын маалыматтарынын негизинде

Ар тараптуу кредиторлор алдындагы мамлекеттик тышкы карыздын номиналдык көлөмү 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 53,9 млн. АКШ долларына көбөйүү менен 1 598,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргыз Республикасынын ар тараптуу кредиторлору болуп, Дүйнөлүк Банк, Азия өнүктүрүү банкы жана Эл аралык валюта фонду, Ислам өнүктүрүү банкы, Өнүктүрүүнүн жана реконструкциялоонун европа банкы жана башкалар сыяктуу Эл аралык финансылык институттар саналышат. Мында, акыркы беш жыл ичинде кредиторлор боюнча ар тараптуу карыздын түзүмү дээрлик өзгөргөн эмес: ар тараптуу кредиттер боюнча карыздын жалпы көлөмүнүн 90,0 пайыздан көбүрөөгү Дүйнөлүк банк, Азия Өнүктүрүү банкы жана Эл аралык валюта фонду алдындагы милдеттенмелерге туура келет.

Эки тараптуу кредиторлор алдындагы тышкы карыздын номиналдык көлөмү отчеттук жыл ичинде 220,3 млн. АКШ долларына көбөйүү менен 1 501,2 млн. АКШ долларына жеткен. Көрсөтүлгөн карыздын олуттуу бөлүгү - 934,5 млн. АКШ доллары Париж клубуна катышуучу өлкөлөргө туура келет. Париж клубуна кирбеген өлкө алдындагы карыздын көлөмү 566,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

Эки тараптуу карыздын түзүмү акыркы беш жыл ичинде өзгөрүүгө дуушар болгон. Эгерде, 2008-жылы чогуу алганда эки тараптуу карыздын 71,6 пайызын ээлешкен Россия жана Япония Кыргыз Республикасынын негизги кредиторлордон болушса, 2012-жылдын акырына карата маалыматтар боюнча Кытай (эки тараптуу карыздын көлөмү 35,1 пайыз) ири кредиторлордон болуп калган. Ал эми Россия Федерациясы менен Японияга эки тараптуу карыз, тиешелүүлүгүнө жараша 32,6 жана 24,1 пайызга туура келет.

**10-график: Кредиторлордун түрлөрү боюнча бир мезгилдин акырына карата Кыргыз Республикасынын эки тараптуу карызынын түзүмү**

*млн. АКШ долл. жана жалпы тышкы карыздардан пайыздарда*




* Улуттук банктын маалыматтарынын негизинде

Ар тараптуу жана эки тараптуу донорлордон келип түшкөн кредиттер негизинен, экономиканын түзүмдүк кайра жаралууларын каржылоого, инфраструктураны, финансылык системаны, энергетиканы жана айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталган.

Мамлекеттик карыздын түзүмү финансылык шарттарга ылайык жеңилдетилген займдар менен (төмөнкү пайыздык чендер жана төлөөнүн узак мөөнөтү)[19] берилген, алардын көлөмү жалпы көлөмдүн 98,8 пайызын түзөт. Жеңилдетилбеген кредиттердин салыштырма салмагы анчалык эмес жана 1,2 пайызды түзөт.

**11-график: Кыргыз Республикасынын экономика секторлору буюнча 2013-жылдын 1-январына карата тышкы карызынын түзүмү***

*млн. АКШ долл.*




* Улуттук банктын маалыматтарынын негизинде

Кароого алынып жаткан жылдын акырына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карыздын көрсөткүчтөрү төмөнкүчө чагылдырылган:

- ИДӨгө карата номиналдык мамлекеттик тышкы карыз - 47,9 пайыз;
- Товарлардын жана

[19] Кыргыз Республикасы үчүн карыздын жеңилдетилиши кредит берүү мөөнөтүнө, колдонулган пайыздык ченге жараша болот жана грант-элемент эсептөөсүнөн улам аныкталат, ал кеминде 35,0 пайызды түзүүгө тийиш.

**12-график: Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын коэффициенти***
*пайыздар*




* Улуттук банктын эсептөөсү

кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата номиналдык тышкы карыз - 90,8 пайыз.

Карыздык каражаттардын мамлекеттик секторго таза агылып кирүүсү каroого алынып жаткан мезгил ичинде 255,5 млн. АКШ долларына жеткен, бул өткөн жылдагыга караганда 49,3 пайызга көп. Кредиттердин дүң агылып кирүүсү 348,1 млн. АКШ долларын түзгөн, мында 254,8 млн. АКШ доллары (73,2 пайыз) өлчөмүндөгү эң ири транш энергетика секторун жана инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган долбоорлор боюнча Кытайдын Экспорттук-импорттук банкынан келип түшкөн.

Мамлекеттик тышкы карыз боюнча тейлөө 2012-жыл ичинде 92,6 млн. АКШ долларын түзгөн.

## ЖЕКЕ ТЫШКЫ КАРЫЗ

2012-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке тышкы карыздын көлөмү 2011-жылдын акырындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 19,6 пайызга көбөйүү менен 2 305,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

2012-жылдын акырына карата абал боюнча жеке тышкы карыздын көрсөткүчтөрү төмөнкүчө берилген:

**13-график: 2013-жылдын 1-январына карата жеке тышкы карыздын чет өлкөлөргө бөлүштүрүү***
*жеке тышкы карыздардан пайыздарда*




* УСКнын маалыматтарынын негизинде

- ИДӨгө карата жеке тышкы карыз - 35,6 пайыз;
- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата жеке тышкы карыз - 73,2 пайыз.

Жеке тышкы карыздын түзүмү дегенден улам, тике жана башка чет өлкө инветорлорунан алынган кредиттерди түшүнүүгө болот, анын көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша 993,9 млн. АКШ долларын жана 1 311,6 млн. АКШ долларын түзөт.

Отчеттук мезгилдин акырына карата экономиканын мамлекеттик эмес сектору 58 өлкө алдында карызы болгон, алардын эң ирилеринен болуп, Кытай (431,0 млн. АКШ доллары), Улуубритания (346,7 млн. АКШ доллары), Казакстан (221,7 млн. АКШ долларын), Россия (206,0 млн. АКШ доллары) жана Канада (155,9 млн. АКШ доллары) саналышат.

Жеке сектордун карыздык каражаттарынын таза тышкы келип түшүүлөрү 2012-жылы 401,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 25,9 пайызга көп. Тышкы

кредиттердин жеке секторго дүң агылып кирүүсү 704,1 млн. АКШ долларын түзгөн, негизги карызды тейлөө боюнча төлөмдөрдүн көлөмү 302,6 млн. АКШ доллар чегинде түптөлгөн.

**17-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир мезгилдин акырына карата ДТК *(млн. АКШ доллары)* | 4 205,2 | 4 690,2 | 4 726,1 | 5 260,1 | 5 961,5 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(млн. АКШ доллары)* [1] | 3 423,1 | 3 947,0 | 4 239,8 | 4 753,9 | 5 405,5 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК ИДӨгө карата *(пайыздар)* [2] | 66,6 | 84,6 | 88,7 | 80,0 | 83,6 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата (пайыздар) | 123,6 | 154,0 | 169,2 | 139,4 | 171,6 |
| ЖТК боюнча төлөм графиги (млн. АКШ доллары)[3] | 720,4 | 1 035,6 | 614,2 | 366,1 | 414,2 |
| ЖТКны иш жүзүндө тейлөө (млн. АКШ доллары) | 714,0 | 1 028,3 | 582,5 | 346,4 | 411,2 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата (пайыздар) | | | | | |
| - график боюнча | 26,0 | 40,4 | 24,5 | 10,7 | 13,1 |
| - иш жүзүндө | 25,8 | 40,1 | 23,2 | 10,2 | 13,1 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(млн. АКШ долл.)* [1] | 2 083,8 | 2 502,9 | 2 646,0 | 2 825,9 | 3 100,0 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК ИДӨгө карата *(пайыздар)* [2] | 40,6 | 53,7 | 55,4 | 47,5 | 47,9 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата (пайыздар) | 75,2 | 97,7 | 105,6 | 82,9 | 98,4 |
| МТК боюнча төлөө графиги (млн. АКШ долл.)[3] | 80,2 | 85,4 | 92,0 | 97,9 | 97,9 |
| МТКнын анык тейлениши (млн. АКШ долл.) | 76,8 | 83,1 | 91,1 | 96,5 | 94,9 |
| МТКны тейлөө коэффициенти товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата (пайыздарда) | | | | | |
| - график боюнча | 2,9 | 3,3 | 3,7 | 2,9 | 3,1 |
| - иш жүзүндө | 2,8 | 3,2 | 3,6 | 2,8 | 3,0 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(млн. АКШ доллары)* | 1 339,4 | 1 444,1 | 1 593,7 | 1 928,1 | 2 305,5 |
